Утвержден Решением
Тарифного комитета
ОАО «Оптима Банк»
Протокол №180 от 27.09.22 г.

# “ОПТИМА БАНК” ААКсында жеке жактарды банктык тейлөөнүн комплекстүү келишими

## Мазмуну


1-глава. Жалпы жоболор ........................................ 2

2-глава. Клишимде колдонулган негизги терминдер жана аныкталамар ........................................ 3

3-глава. Банктык эсеп ........................................ 6

4-глава. Банктын жайларында кассалык тейлөө ........................................ 14

5-глава. Банктын төлөм терминалдарындагы/автоматташтырылган депозиттик машиналардагы операциялар ........................................ 14

6-глава. Кардардын эсеби боюнча алмаштыруу (накталай эмес алмаштыруу операциялары) боюнча кызмат көрсөтүүлөр ........................................ 15

7-глава. Мөөнөттүү аманаттарга (депозиттерге) акча каражаттарын кабыл алуу жана сактоо тартиби ........................................ 15

8-глава. Төлөм картын чыгаруу жана тейлөө тартиби ........................................ 22

9-глава. Банктык сейф уячаларынын ижарасы ........................................ 28

10-глава. Тарифтер, Тариф пакети ........................................ 32

11-глава. Талаш-тартыштарды жөнгө салуу ........................................ 33

12-глава. Малыматтарды өзгөртүү жана купуялуулук ........................................ 35

13-глава. Жана башка шарттар ........................................ 36

14-глава. Келишимди колдонуу мөөнөтү жана бузуу ........................................ 37

## 1-глава. Жалпы жоболор

1.1. Ушул, «Оптима Банк» ААКсында жеке жактарды банктык тейлөөнүн комплекстүү келишими (мындан ары – Келишим) жана Карадар тарабынан талаптагыдай түрдө толтурулган жана кол коюлган Арыз-анкета, Кардар жана «Оптима Банк» ААКсынын (мындан ары – Банк) ортосунда жазуу жүзүндө түзүлгөн бирдиктүү документ – Келишим болуп эсептелет. Арыз-анкета банк тарабынан белгиленген формада кагаз жүзүндө толтурулат жана Кардар өз колу менен кол коет.

1.2. Ушул Келишим Кыргыз Республикасынын жарандык кодексинин 387-беренесинин жоболоруна ылайык түзүлгөн кошулуу келишими болуп эсептелет, анын шарттары бардык Кардарлар үчүн бирдей. Келишим ошондой эле, кардар тарабынан аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо жөнүндө Оферта (Сунуш) акцепт жана/же «Оптима Банк» ААКсынын «Optima24» тутумунда кардарларды банктык аралыктан тейлөө келишимин түзүү аркылуу, Кардар «Интернет-банкинге Оптима24» катталуу менен, түзүлүшү мүмкүн.

1.3. Арыз – Кардар тарабынан эки нускага кол коюлат, бири Банкта калат, экинчи нуска кабыл алуу жөнүндө Банктын белгиси менен, Кардарга берилет жана Келишимди түзүү фактысын тастыктаган факт болуп эсептелет. Ал эми, мөөнөттүү салымды (депозитти) ошондой эле, Банкка карата талап кылуу укугун тастыктоочу төлөнгөн мөөнөттүү салымдын (депозиттин) суммасын жайгаштыруу учурунда.

1.4. Келишим Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен каралган учурда, өз колу менен коюлган кол тамга үлгүсүн колдонуу менен түзүлүшү мүмкүн.

1.5. Келишим Кардарга төмөндөгүлөр менен байланышкан, комплекстүүү банктык тейлөөнүн көрсөтүү тартибин аныктайт:

- Мөөнөттүү салымдарды (депозиттерди)/эсептерди ачуу, жүргүзүү менен;
- Банктык төлөм карттарын чыгаруу менен;
- Сейфтик уячаларды ижарага берүү менен;
- Жогоруда көрсөтүлгөн кызмататрды көрсөтүү менен байланышкан операцияарды жүргүзүү, анын ичинен, аралыктан тейлөө каналдары аркылуу (өзүн өзү тейлөө түзүлүшү, Оптима24 Интернет-банкинг Контакт-борбору);
- Жогоруда көрсөтүлгөн кызматтарды көрсөтүү менен байланышкан жана башка маселелер менен.
- иными вопросами, связанными с предоставлением вышеуказанных услуг.

1.6. Банк менен байланышкан адамдар менен келишим түзүү, ачык-айкын шартта Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

1.7. Кардар келишимди түзүү менен, Кардардын Арыз- анкетасында көрсөтүлгөн маалым даректер боюнча Кардарга даректеле турган жана/же даректелүүчү кайсы гана болбосун маалыматты жана/же документтерди алууга макулдугун берет.

1.8. Келишим стандарттуу(типтүү) болуп эсептелет жана Кардар тарабынан өзгөртүүлөргө жатат. Ушул Келишим жана Келишимге карата тиркемелер, Банк тарабынан өзгөртүлүшү жана толукталышы мүмкүн, мында Банк, боло турган өзгөртүүлөр жөнүндө маалымдоо үчүн, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен белгиленген мөөнөттү эске алуу менен, https://www.optimabank.kg/ru/press-centre/all-news.html дареги боюнча Банктын

корпоративдүү сайтынын “Жаңылыктар” бөлүмүнө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө маалыматты алдын ала жайгаштырат.

1.9. Келишимдин жана Келишимге карата тиркемелердин өзгөртүүлөрү жана/же толуктоолору менен Кардар макул болбогон учурда, Кардар Келишимди бузууга укуктуу, бул жөнүндө Банкка жазуу жүзүндө билдирүү менен, Банк тарабынан белгиленген формада банктык эсепти/мөөнөттүү депозитти жабуу, сейфтик уячаларды бөлүү жөнүндө Арызды берүү аркылуу. Эгерде, Келишимдин жаңы редакциясы күчүнө киргенге чейин, Банк Кардардан жазуу жүзүндө Арыз албаса, Банк мындай жагдайды, Келишим өзгөртүлгөн жана/же толукталган шарттар менен Кардардын макулдугун билдирүү деп эсептейт.

1.10. Келишимге кирбеген банктык кызмат көрсөтүүлөрдү жана продуктыларды көрсөтүү, Келишим түзүлгөнгө чейин, ошондой эле кийин өзүнчө келишимдер, макулдашуулар жана тейлөө эрежелери (шарттары) менен жөнгө салынышы мүмкүн. Ушул Келишимдин жана келишимдердин, макулдашуулардын жана тейлөө эрежелеринин беренелеринин ортосундагы карама-каршылык учурунда, банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн тигил же бул эсебине кирген, тиешелүү өзүнчө келишимдер, макулдашуулар жана тейлөө эрежелери артыкчылыктуу күчкө ээ, эгерде Келишим менен башкалар белгиленбесе.

1.11. Кардар Келишим түзүлгөнгө чейин, https://www.optimabank.kg/ru/for-individuals/private-clients-rates.html. дареги боюнча Банктын корпоративдүү сайтына жайгаштырылган Келишим тексти менен таанышууга укуктуу.

1.12. Банк тарабынан Банктын ыйгарым укуктуу адамынын кол тамгасын факсимилдик көчүрмөлөө каражатын, же электрондук санарипти кол коюуну камтуу менен, идентификациялоо каражаттарын колдонуу менен, Кардар макулдашууларга, келишимдерге, ошондой эле бардык башка коштомо документтерге Банк жана Кардар тарабынан кол коюуга макулдугун берет,

1.13. Кардар алар өзгөргөн (аты-жөнү, дареги жана башка) учурда, Банк тарабынан анын жеке маалыматтарын оңдоого макулдугун берет, эгерде, мындайлар ыйгарым укуктуу органдын (Санариптик өнүктүрүү министрлиги ж.б.) маалыматтар базасына кирсе жана ыйгарым укуктуу орган – жеке маалыматтар базасын кармоочу менен түзүлгөн келишимге ылайык, Банк тарабынан колдонуласа.

## 2-глава. Клишимде колдонулган негизги терминдер жана аныкталамар

2.1. Ушул Келишимдин текстинде колдонулган терминдер жана аныктамалар түшүндүрүлүүгө тийиш, алар ушул главада берилген, эгерде Келишим текстинде түздөн түз башка түшүндүрмөлөр камтылбаса:

**Аутентификация** – көрсөтүлгөн идентификатордун (PIN-код, логин ж.б.) мүнөзүн салыштыруу жа текшерүү жолу менен, колдонуучунун инсандыгынын аныктыгын аныктоо жол-жобосу;

**Банктык төлөм карты (Карт) –** акча которууларын жүргүзүү**,** ошондой эле, терминалдар, банкоматтар же башка жабдуулар аркылуу (периферийлик түзүлүш) электрондук акча формасында эсептешүү үчүн, товарларга, кызмат көрсөтүүлөргө жана башкаларга төлөмдөрдү төлөө, улуттук жана чет өлкө валюталарында нак акча каражатын алуу боюнча операцияларды жүргүзүүгө колдонулган төлөм аспабы;

**Банктык аманат**– түзүлгөн келишимдеги белгилүү бир жагдайдын башталганга (башталбаганда) чейин, же талап боюнча төлөнүүчү мөөнөтүндө кирешелерди алуу

жана сактоо максатында банкка жеке жактар тарабынан жайгаштырылган улуттук жана чет элдик валютадагы акча каражаттары; .

**Банктык эсеп (мындан ары - Эсеп) -** бул, банктык аманатты (депозитти) кабыл алуу жана/же банктык эсеп, банктык аманат келишимдери, ушул Келишим менен каралган, банктык төлөм карттарын (банктык эсеп) колдонуу менен, төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү камтуу менен, кардарды банктык тейлөөнү жүргүзүү менен байланышкан банктык операцияларды жүргүзүү, банк практикасында колдонулуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ушул Келишим менен каралган, ишкердик жүгүртүү салттары боюнча банк менен кардар ортосундагы келишим мамилелерин көрсөтүү ыкмасы.

**Бенефициар ээси** – акыркы жыйынтыгында (ээ болуу жана контролдоо тизмеги аркылуу) түз же кыйыр түрдө (үчүнчү жак аркылуу) жеке менчик укугуна ээ же кардарды контролдогон же операция жүргүзгөндүн (келишимдин) кызыкчылыгында же анын атынан жеке жак (жеке жактар);

**Верификациялоо** – кардардын жана (же) Бенефициар ээсинин идентификациялык маалыматтарын текшерүү жол-жобосу;

**Аманатчы** – бул, банкка акчалай сумманы салган же анын атына үчүнчү жактан банкка акчалай сумма келип түшкөн адам жана банктык эсепти жүргүзүү же Банктык аманатты ачуу боюнча тиешелүү келишимге ээ;

**Салуучу** – накталай акча менен толтурган же/жана Аманатчынын пайдасына Аманат ачкан жеке адам;

**Банктык эсеп боюнча көчүрмө** – Банк тарабынан берилген документ, анда банктык эсеп боюнча жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө туура маалыматтар камтылат. Көчүрмө кагаз жүзүндө же электрондук түрдө берилиши мүмкүн.

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдарыы** - коомдук мамилелерди жөнгө салуучу, укуктук-ченемдик актылардын жыйындысынан турган, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын жыйындысы;

**Жеке маалыматтар базасын кармоочу** – ыйгарым укуктуу орган, ага максатты, жеке маалыматтар категориясын аныктоо жана “Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жеке маалыматтарды топтоону, сактоону, иштеп чыгууну жана пайдаланууну контролдоо ыйгарым укугу жүктөлгөн;

**Карыз** - ушул Келишим боюнча Банк алдындагы жана/же Банкка карата Кардарда пайда болушу мүмкүн болгон, факты жүзүндө алынган кредит боюнча негизги карыз, сый акы, Банктын комиссиялык жана башка карыз суммалары менен чектелбестен, камтуу менен өзүнчө келишим менен Кардардын карыз суммасы;

**Арыз анкета –** банктык кызмат көрсөтүүлөрдү алууда: талап боюнча эсептерди ачуу/мөөнөттүү депозитти ачуу/карт чыгаруу/сейф уячаларынын ижарасы/ кредиттик артты алуу жана башкалар (ушул Келишимдин 1-19-тиркемеси) Кардар тарабынан толтурулган арыз;

**Идентификация** – кардар жана (же) Бенефициар ээси жөнүндө идентификациялык маалыматтарды аныктоо жол-жобосу;

**Кол тамга үлгүсү менен карточка** - Кардар жана анын кол тамгасынын үлгүсүн жана эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүгө жана ачууга, жабууга ыйгарым укукталган башка адам жөнүндө маалымат менен банк тарабынан белгиленген формадагы документти билдирет;

**Кардар** – Банк менен түзүлгөн ушул Келишимдин негизинде Банктагы эсепке/мөөнттүү депозитке/картка/сейфтик уячаларга ээ жеке адам;

**Кредиттик карт -** түзүлгөн келишим шарттарына ылайык, белгиленген кредиттик лимиттин чегинде Банк тарабынан Кардарга берилген акча каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырыла турган эсептерди, операцияларды жүргүзүүгө багытталган карт;

**Кредиттик лимит** - эсеп боюнча Банк тарабынан берилген кредиттик акча каражаттарынын максималдуу өлчөмү, анын чегинде Кардар кредиттик карт боюнча операцияларды жүргүзүүгө укуктуу. Кредиттик лимит револьвердүү болуп эсептелет (жеткиликтүү мөөнөт ичинде төлөнгөн негизги карыздын суммасына автоматтык түрдө кайра улантылган);

**Операция жүргүзүү күнү (кардарлар менен иштөө убактысы)** – банк тарабынан белгиленген жумуш күнүнүн убактысын билдирет, бул убакыт ичинде банктык жана башка операцияларды жүргүзүү үчүн Банк ачык болот. Операция жүргүзүү күнү Банк тарабынан жүргүзүлгөн операциялардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн ар кандай түрү үчүн айырмаланышы мүмкүн. Банктын операциялык күнү жөнүндө маалыматтар, Банктын бөлүмдөрүнүн кире бериш жерлеринде тиешелүү маалыматтарды жайгаштыруу менен, Кардарга маалымдалат;

**Интернет-банкинг «Optima24» (мындан ары - Оптима24)** – Интернет аркылуу Банктын жеке жактарын аралыктан банктык тейлөө тутуму;

**Ишенимдүү адам –** нотраилдык күбөлүндүрүлгөн ишеним каттын негизинде, Кардардын пайдасына жана башка адамдын атынан эсебинен иш алып барууга ыйгарым укукталган адам;

**Жетүү каражаты** – аралыктан тейлөө каналы аркылуу Кардарды идентификациялоо жана аутентификациялоо үчүн, Банк тарабынан берилген/аныкталган каражаттар топтому. «Optima24» интерет-банкингге жетүү каражаттарына карата, колдонуучунун ID коду, туруктуу шарттуу белги, бир жолку шарттуу белги кирет;

**Мөөнөттүү аманат (депозит)** – пайыздык киреше алуу максатында, белгилүү бир мезгилге карата банктык аманат. Бул эсеп, топтолгон акча каражаттарын сактоо жа үчүн колдонулат жана үчүнчү жак менен эсептешүү үчүн багытталган эмес;

**Тараптар** – ушул Шарттарга карата Кардар (1-Тарап) жана Банк (2-Тарап);

**Тарифтер** – Кардарга көрсөтүүлүүчү банктык продуктылардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн ар кандай түрү үчүн, төлөм өлөчмүн аныктоочу пайыздык жана комиссиялык коюмдардын тутуму. Банк менен Кардар ортосундагы өзүнчө макулдашууларга ылайык жана/же бир тараптуу тартипте Банк тарабынан өзгөрүшү мүмкүн, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана/же тиешелүү келишимдер менен башкалар каралбаса;

**Техникалык овердрафт –** Карталык эсептеги акча каражаттарынын калдыктарынан жана/же кредиттик лимит менен белгиленгенден ашык чыгымдалган акча каражаттарынын суммасы, ал Кардар тарабынан төлөнүүгө тийиш. Эгерде Банктын Тарифтери менен каралса, Техникалык овердрафттын суммасына пайыз кошуп эсептелиши мүмкүн. Техникалык овердрафт алмаштыруу операциясын жүргүзүүдө курстук айырманын/ транзакцияны кечирээк эсептен чыгаруунун (ТСП тарабынан)/транзакцияны кол менен жүргүзүүнүн, ошондой эле Банктын Тарифтерине ылайык, Банк тарабынан сый акыны эсептен чыгаруунун натыйжасында пайда болушу мүмкүн;

**Аралыктан тейлөө каналы** – Банктын каналы/түзүлүшү, ал аркылуу Кардар тарабынан ушул Келишимге ылайык банктык операциялар жүргүзүлүшү мүмкүн: Банктын өзүн-өзү тейлөө түзүлүштөрү, «Optima24» Интернет-банкинг, Контакт-борбору;

**Банктын өзүн-өзү тейлөө түзүлүштөрү –** Банктын банкоматтары жана төлөм терминалдары;

**PUSH-билдирүү/SMS-билдирүү** – бул, Карта боюнча акча каражаттарын жүгүртүлүшү, Кардардын төлөм картынын эсеби/Карт боюнча жана башка маалыматтар жана төлөм коддору жөнүндө маалымдаган билдирүүлөр, жеткирүү каналын айырмалаган: SMS-билдирүү же мобилдик телефондун экранында пайда болгон билдирүү.

**Электрондук-санариптик кол тамга** – өз кол тамгасынын үлгүсү, электрондук санарип символдорунун топтому, анда анын ээси жөнүндө бардык керектүү маалыматтар сакталып турат.

## 3-глава. Банктык эсеп

**3.1. Эсеп ачуу:**

3.1.1. Банк эсепти Кардар/ишенимдүү адам/салуучу бергенден кийин, Банк тарабынан белгиленген формадагы арыз-анкетанын негизинде ачат:

- Кардардын/ишенимдүү адамдын/салуучунун инсандыгын күбөлөндүргөн документ;
- Ишенимдүү адам үчүн – анын ыйгарым укугун тастыктоо үчүн, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн ишеним кат;
- Жашы жете электер үчүн – кардарлардын – жашы жетек элек кардардын инсандыгын күбөлөндүргөн документтер: он алты жашка толгондугу боюнча - паспорт; он алты жашка жете электр үчүн – туулгандыгы тууралуу күбөлүк; анын инсандыгын индентификациялоо үчүн маалымкат берген уюмдун мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн, сүрөтү менен жашаган/окуган жеринен маалымкат;
- Пенсионерлер үчүн - социалдык төлөмдөрдү алып жаткандыгын тастыктаган документ/пенсиялык күбөлүк.

**Эскертүү:** салуучу үчүнчү жактын пайдасына талап боюнча төлөнүүчү эсепти, ошондой эле “Балдар” депозитин ачууга укуктуу.

3.1.2. Банк өз ыктыяры менен, Кардардын кандайдыр бир кошумча макулдугусуз эле, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары талап кылган учурда, эсепти ачуу жана жүргүзүү, картты чыгаруу жана тейлөө үчүн керектүү болгон документтердин тизмесине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу. Эгерде, эсепти жүргүзүү жана тейлөө үчүн мындай өзгөрүүлөргө байланыштуу, кошумча документтерди берүү талап кылынса, Кардар ушуну менен өзүнүн макулдугун билдирет жана Банк тарабынан көрсөтүлгөн тизмеге ылайык, билдирүүдө Банк тарабынан көрсөтүлгөн мөөнөттө аларды берүүгө милдеттенет.

**3.2. Эсепти жабуу:**

3.2.1. Кардардын Эсептерин жабуу боюнча операциялар, Келишим менен аныкталган тартипте, Кардар өз колу менен койгон, Банк тарабынан белгиленген формада таризделген, Кардардын Арызынын негизинде банктын бөлүмү аркылуу жүргүзүлөт.

**3.3. Банктык эсеп боюнча операциялар:**

3.3.1. Ушул келишимдин алкагындагы Эсептердин валюталарына жана түрүнө карабастан, Банкта ачылган жеке жактардын бардык эсептерине колдонулган, 4.3-пунктта каралган жоболор.

3.3.2. Коммерциялык жана/же башка ушуга окшогон ишмердик боюнча, анын ичинен, үчүнчү жактар тарабынан банктык операцияларды жүргүзүү үчүн багытталбаган эсеп.

3.3.3. Эсептеги акча каражаттары, Кыргыз Республикасынын банктарындагы жеке жактардын аманаттарын (депозиттерин) милдеттүү коргоо объектиси болуп эсептелет. Аманат боюнча кепилденген сумманын өлчөмү, “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен белгиленет.

3.3.4. Келишим менен каралган кызматтарды көрсөтүү, Кардарды ийгиликтүү идентификациялоо жана аутентификациялоо учурунда гана жүзөгө ашырылат.

3.3.5. Келишим алкагында кызматтарды көрсөтүүдө, Банк тарабынан Кардарды Идентификациялоо төмөндөгүлөрдөн улам жүзөгө ашырылат:

- Кардардын инсандыгын күбөлөндүргөн документтин негизинде – Банктын бөлүмү аркылуу операцияларды жүргүзүүдө. Кардар Банктын маалыматтар базасында камтылган маалыматтарга, инсандыгын күбөлөндүргөн документтин маалым даректери туура болгон учурда идентификацияланды деп эсептелет;
- Кардардын киргизилген ID-кодунун жана туруктуу шарттуу белгисинин негизинде - «Optima24 аркылуу операцияларды жүргүзүүдө; Банк тарабынан Кардардын ID-кодунун жана туруктуу шарттуу белгисинин туура киргизилгендиги ийгиликтүү текшерилген учурда Кардар идентификацияланды деп эсептелет;
- Кардар көрсөткөн төлөм картанын негизинде – Банктын өзүн өзү тейлөө түзүлүшү аркылуу операцияларды жүргүзүүдө. Кардар Банктын маалымат базасында камтылган маалыматтар, Төлөм картанын магниттик тилкесине же микропроцессорине түшүрүлгөн маалыматтарга туура келген учурда Кардар идентификацияланды деп эсептелет;
- карттын маалым даректери (Интернет төлөмдөр, МОТО) боюнча операцияларды жүргүзүүдө, Банктын маалымат базасында камтылган маалыматтар, Кардар көрсөткөн маалыматтарга туура келген учурда Кардар идентификацияланды деп эсептелет;
- Банктын Контакт-борборунда – контролдук маалыматтын негизинде (банктын маалыматтар базасында камтылган жана Кардардын кошумча кызмат көрсөтүү боюнча Арызында Кардар тарабынан көрсөтүлгөн коддук сөз), индентификациялоонун натыйжасында алынган маалыматтар, Банктын маалыматтар базасында камтылган маалыматтарга туура келиши керек.

3.3.6. Ушул Келишим алкагында кызмат көрсөтүүдө, обочолонгон тейлөө каналы аркылуу Банк тарабынан Кардарды аутентификациялоо төмөндөгүлөрдөн улам жүзөгө ашырылат:

- Кардардын ID-кодунун жана туруктуу шарттуу белгинин жана/же бир жолку шарттуу белгинин негизинде - «Optima24» аркылуу операцияларды жүргүзүүдө;
- өзүн өзү тейлөө түзүлүшү аркылуу операция жүргүзүүдө – магниттик тилке/чип жана PIN-кодду киргизип/киргизбестен эсептөөнүн негизинде (PIN-кодду киргизип/киргизбестен/Банктын, банк эквайердин тарифине жана/же төлөм тутумунун эрежелерине ылайык, белгиленген лимиттин чегинде/андан ашык контактсыз чип менен эсептөө аркылуу контактсыз төлөм үчүн);

- Банктын маалыматтар базасында камтылган жана арыз-анкетада Кардар тарабынан мурда көрсөтүлгөн туура коддук сөздүн негизинде – банктын Контакт-борборунда.

3.3.7. Кардар ушул Келишим алкагында операцияларды жүргүзүүдө колдонулган идентификациялоо жана аутентификациялоо ыкмалары, Кардардын эсеби боюнча маалымат берүү жана операция жүргүзүү боюнча Банктын укугун жетиштүү жана талаптагыдай тастыктоо болуп эсептелерине макул болот.

3.3.8. Кардар үчүнчү жакка өз ыктыяры менен “коддук сөздү” билдирүү менен, бул жак анын төлөм карты жана эсеби боюнча маалымат алуу укугуна ээ болгон, Кардардын мыйзамдуу ыйгарым укуктуу өкүлү болуп эсептелерине макул болот.

3.3.9. Бөлүм аркылуу Эсептеги акча каражаттарын тескөө, Кардар тарабынан жазуу жүзүндө тапшырма берүү аркылуу жүргүзүлөт. Эсепти тескөө жөнүндө тапшырмалар, Банк тарабынан кабыл алынган форма боюнча стандарттуу бланкаларда аткарылышы керек. Кардар Банкка башка формада тапшырмаларды берүүгө укуктуу, эгерде мындай мүмкүнчүлүк колдонуудагы мыйзам менен каралса жана мындай тапшырмалар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык, Кардардын тапшырмалары Банк тарабынан талаптагыдай аткарылышы үчүн зарыл болгон бардык маалыматтарды камтыган шарттарда болсо.

3.3.10. Эсептен бардык төлөмдөр жана акча которуулар, эгерде башкалар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана/же Банктын ички ченемдик документтери менен каралбаса, мындай төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн зарыл болгон убакытты, мындай төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча регламентти эске алуу менен Банк тарабынан жүргүзүлөт.

3.3.11. Кардар төлөм документтериндеги маалым даректердин туура эмес көрсөтүүсү жана анын негизинде алуучуга, алуучу банкка анын ичинен, эл аралык уюмдарга, чет мамлекеттерге/биримдиктерге карата салынган же салынышы мүмкүн болгон санкциялар менен байланыштуу бардык тобокелдикти жана бүтүндөй жоопкерчиликти өзүнө алат. Көрсөтүлгөн санкциялардын таасиринин натыйжасында, акча которуунун мүмкүн эместиги же кармалышы, туура эмес көрсөтүлгөн маалым даректер боюнча жөнөтүлгөн акча которууларды кайтарууга мүмкүн болбогондугу менен байланыштуу пайда болгон тобокелдиктерди Кардар өзүнө алат.

3.3.12. Банк тарабынан акцептелген тапшырманы Кардар тарабынан чакыртылып алынышы жана тапшырманы аткарууну токтотуу, Банктын Тарифтерине ылайык жана колдонуудагы мыйзам менен белгиленген тартипте жана мөөнөттө жүзөгө ашырылат.

3.3.13. Төлөм картынын эсеби боюнча накталай акча каражаттарын алуу боюнча операция: Банктын өзүн өзү тейлөө түзүлүшү, банктын бөлүмү, Кардардын төлөм картын тиешелүү тейлөөгө кабыл алган башка финансылык мекемелер жана аларга таандык өзүн өзү тейлөө түзүлүштөрү аркылуу жүргүзүлөт.

3.3.14. Төлөм картынын эсебине накталай акча каражаттары (төгүм/алуу) боюнча операциялар, өзүн өзү тейлөө түзүлүшү, Банктын бөлүмдөрү аркылуу жүргүзүлөт.

3.3.15. Мөөнөттүү аманат (депозит) эсебине кошуп эсептелген пайыздарды автоматтык чегерүү боюнча операция, Кардардын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде жүргүзүлөт, эгерде, мөөнөттүү (аманат) депозит шарттары менен кошумча төгүмдөр каралса.

3.3.16. Эсептер боюнча, анын ичинен, обочодон тейлөө каналы аркылуу операцияларды жүргүзүүдө, (өзүн өзү тейлөө түзүлүшү, «Optima24») Банк тарабынан операцияларды иштеп чыгуу учурунда колдонулган Тарифтер колдонулат. Эсептердин валюталарынан айырмаланган валютада операция жүргүзүү учурунда, Банк тарабынан операцияларды иштеп чыгуу учурунда колдонулган, Банктын/Эл аралык төлөм тутумунун курсу боюнча Банк операциянын суммасын алмаштырат.

3.3.17. Накталай эмес тартипте же эсептин валютасынан айырмаланган валютада накталай акча каражаттарын салуу жолу менен эсепке каражаттар келип түшкөндө, Банк акча каражаттарын чегерүү операциясы Банк тарабынан иштелип чыгып аткан учурда колдонуудагы, Банктын курсу боюнча келип түшкөн/салынган сумманы Банк алмаштырат.

3.3.18. Кардардын эсептеринен акча каражаттарын которуу боюнча Кардардын тапшырмасы, тапшырма тариздelген күндөн кийинки жумушчу күнүнөн кечиктирбестен Банк тарабынан аткарылат, эгерде, тапшырмада аткаруунун башка мөөнөтү көрсөтүлбөсө жана Банкта операциянын мыйзамдуулугуна жана экономикалык жактан максатка ылайыктуулугуна карата суроолор пайда болбосо.

3.3.19. Банктын обочодон тейлөө каналы аркылуу Кардардын Эсептери ортосундагы акча которуулар, үчүнчү жактан Кардардын атына келип түшкөн накталай төгүмдөр, төлөмдөр жана акча которуулар операциясын жүргүзүүдө Кардардын эсебине акча каражаттарын чегерүү, операция жүргүзүлгөн күндөн кийинки жумушчу күнүнөн кечиктирилбестен жүргүзүлөт, эгерде Банкта операциянын мыйзамдуулугуна жана экономикалык жактан максатка ылайыктуулугуна карата суроолор пайда болбосо.

3.3.20. Үчүнчү жактын эсебине Кардардын Банктагы эсептеринен чет элдик валюталарда төлөмдөр жана акча которуулар, Кыргыз Республикасындагы жана төлөмдү жана акча которууну алуучу өлкөдөгү майрам жана жумушчу эмес күндөрүн эске алуу менен жүргүзүлөт.

3.3.21. Кардар банктык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарын аткаруу, ошондой эле Кардардын чет элдик валютада банк аралык ача которууларын аткаруу процессинде банк корреспонденттен тиешелүү суроо-талаптар келип түшкөн учурда, банк корреспондентке Банктын Кардары катары жүргүзүлгөн операциялар/иши жөнүндө документтерди жана маалыматтарды берүү максатында, «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, анын жеке маалыматтарын топтоого жана иштеп чыгууга макулдугун берет.

3.3.22. Банк Кардардын тапшырмасын аткарбай коюуга укуктуу, анын ичинен, төлөмдөрдү/акча которууларды жүргүзүү менен байланышкандарды, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамы, ушул Келишим, Банктын ички ченемдик документтери менен каралган учурларда, ошондой эле төмөндөгү учурларда:

- Кардар ушул Келишим менен каралган тартипте идентификацияланбаса жана аутентификацияланбаса;
- Эгерде карт боюнча жеткиликтүү балансттын суммасы же талап боюнча төлөнүүчү эсеп боюнча калдыктар, операция жүргүзүү жана Банктын Тарифтери менен каралган комиссияларды эсептен чыгаруу үчүн жетишсиз болсо;
- эсептин шарттары менен каралбаган, так эмес көрсөтмөлөрдү камтыган, толтурулбаган же Кардар тарабынан кол коюлбаган же колдонуудагы мыйзам менен каралган маалыматтарды камтыбаган, Кыргыз

Республикасынын мыйзамын бузуу менен операцияларды жүргүзүү жөнүндө көрсөтмөлөрдү камтыган төлөм документтери берилгенде;

3.3.23. Банк анын негизинде эсептеги акча каражаттары күрөө предмети болуп эсептелген жана Банк алдында кардардын милдеттенмелерин аткарышын камсыздаган, Күрөө жөнүндө түзүлгөн келишим шарттарына ылайык, акча каражаттарын эркин тескөө боюнча Кардардын укугун чектөөгө укуктуу.

3.3.24. Банк ушул Келишимдин шарттары, Банк менен кардар ортосунда түзүлгөн жана башка келишимдер, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен белгиленген учурларда, Кардардын кандайдыр бир тапшырмасы же буйругу жок эле, Кардардын эсептеринен акча каражаттарын эсептен чыгарат.

3.3.25. Банк акча каражаттары менен жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө кошумча маалыматтарды жана документтерди, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайда алуучуларды аныктоого мүмкүндүк берүүчү маалыматты жана документтерди Кардардан суроого укуктуу.

3.3.26. Банк, төлөм маалым даректерин көрсөтүүдө Кардар тарабынан жол берилген каталар табылган учурда же Кардар тарабынан Банкка керектүү документтердин толук эмес пакетин берилгенде же берилбегенде, ошондой эле Кардар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – КРУБ) талаптарын жана ушул Келишимди бузгандыгы жөнүндө күбөлөндүргөн фактылар аныкталган, анын ичинен Банктын кызмат көрсөтүүсү үчүн Кардар комиссия төлөбөгөн учурларда, Кардардын тапшырмасын аткарбай коюуга укуктуу.

3.3.27. Банк Кардар менен түзүлгөн кайсы гана болбосун келишим боюнча Банкка алдында Кардардын карыз суммасын төлөө үчүн, Кардарга билдирүү жана алдын ала макулдашуусуз, Кардардын атына ачылган кайсы гана болбосун эсептен акцептсиз, , ошондой эле Кардарга тиешелүү эмес жана жаңылыш чегерилген суммаларды, комиссиялык сый акылардын кайсы гана болбосун жана бардык суммаларына карата эсептен чыгарууга укуктуу. Көрсөтүлгөн максаттар үчүн, ушуну менен Кардар, ушул Келишимдин негизинде жана Кардар тарабынан ар кандай формада кандайдыр бир кошумча макулдугусуз эле, Кардардын атына ачылган кайсы гана болбосун эсептен акцептсиз эсептен чыгарууга Банкка ыйгарым укук берет.

3.3.28. Банк Кардардын жаңылыштыгы же анын тапшырмаларынын жана тескемелеринин маалыматтарынан кандайдыр бир кайталоо үчүн жоопкерчилик тартпайт. Кардар тарабынан акча алуучуга акча каражаттары негизсиз же жаңылыш чегерилген учурда, Кардар акча каражаттарын Алуучудан кайтаруу маселесин өз алдынча жөнгө салат.

3.3.29. Банк банктык операциялардын жана функциялардын тизмесин кайсы гана убакта болбосун өз ыктыяры менен аныктоо жана өзгөртүү укугун өзүнө калтырат, ал, анын эсеби боюнча обочодон тейлөө каналы аркылуу Кардар тарабынан жүзөгө ашырылышы, ошондой эле обочодон тейлөө каналы аркылуу жүргүзүлүүчү операциялардын суммасына лимит белгилениши мүмкүн.

3.3.30. Кардар тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптары жана эсеп боюнча банктык операцияларды жүргүзүү тартибин жана шарттарын жөнгө салуучу ушул Келишимдин шарттарын бузгандыгы жөнүндө күбөлөндүргөн фактылар аныкталганда, анын ичинен, Банктын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн Кардар комиссия төлөбөгөн учурда, Банк эсеп боюнча банктык операцияларды жүргүзүүдөн баш тартууга укуктуу. Мындай тапшырмаларды аткаруудан

Банктын баш тартуусунун натыйжасында, Банк Кардар тарабынан келтирилген чыгымдарга жоопкерчилик тартпайт.

3.3.31. Банктын күнөөсү менен Кардардын эсеби боюнча жаңылыш жүргүзүлгөн операциялар үчүн Банк жоопкерчилик тартат. Мындай учурда Банктын жоопкерчилиги, жаңылыш жүргүзүлгөн операцияларды оңдоо боюнча чараларды көрүү менен чектелет.

3.3.32. Кардар тарабынан Банктын билдирүүлөрүн өз убагында албагандыгы же албагандыгына алып келген, Банкка байланышпаган себептерден улам пайда болгон почтанын ишинин, Интернеттин, байланыш тармактарынын үзгүлтүккө учурашы үчүн жооп бербейт. Банк техникалык үзгүлтүккө учураган учурда (электр менен жабдуучу жана байланыш тармактары өчүрүлгөндө/бузулганда, процессинг борборунун жана Банктын маалыматтар базасынын программалык камсыздоосу үзгүлтүккө учураганда, төлөм тутумундагы техникалык жаткан үзгүлтүккө учуроолор), ошондой эле, Кардар менен түзүлгөн ушул Келишим жана/же келишимдердин шарттарын Банк тарабынан аткарылбашына алып келген, Банктын контролдоо чөйрөсүнөн сырткары турган жана башка учурларда Банк мүлктүк жоопкерчиликтен бошотулат.

3.3.33. Кардар алдында Банктын жоопкерчилиги, атайын же одоно байкабастыктан улам жүргүзүлгөн Банктын мыйзамсыз иш-аракеттеринин же аракетсиздигинин натыйжасында Кардарда пайда болгон реалдуу чыгымдар менен чектелет. Банк Кардар алдында кандайдыр бир кыйыр, кошумча же кокусунан болгон чыгымдар/ зыяндар (анын ичинен, колдон чыгарылган пайда) үчүн, ошондой эле ага мындай чыгымдар жана зыяндардын пайда болуу мүмкүндүгү жөнүндө билдирилсе дагы, эч бир жагдайларда, Банк жоопкерчилик тартпайт.

3.3.34. Кардар төмөндөгүлөргө милдеттенет:

- карттын Пин-кодун, Оптима24кө кирүү шарттуу белгилерин, 3D Secure жана операцияны тастыктоочу шарттуу белгини үчүнчү жактарга жайылтпоого;
- обочолонгон банктык тейлөө үчүн банктын тиркеме орнотулган мобилдик телефондун сакталышын жана коопсуз сакталышына камсыздоого;
- жеткиликтүү каражаттарды же картты мыйзамсыз пайдалануу тобокелдиги пайда болгон учурда, жеткиликтүү каналдар аркылуу (Банктын бөлүмү, Банктын Контакт-борбору) бул жөнүндө Банкка дароо билдирүүгө. Кардар Банкка өз учурунда билдирбеген учурда, Банк жеткиликтүү каражаттарды же үчүнчү жак тарабынан картты мыйзамсыз пайдалануу байланышкан чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартпайт;
- анын эсебине акча каражаттарын жаңылыш чегерилген фактысы Кардар тарабынан аныкталган учурда, жаңылыш чегерүү фактысы жөнүндө Кардарга белгилүү болгон күндөн тартып, 3 (үч) жумушчу күндөн кечиктирбестен, Кардар бул жөнүндө Банкка билдирүүгө милдеттүү. Кардар Банкка өз учурунда билдирбеген учурда (жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөткө ылайык), Кардар Банк тарткан факты жүзүндөгү чыгымдарга толук көлөмдө жоопкерчилик тартат.

3.3.35. Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талаптарына ылайык, Кардар Банктын талабы боюнча 3 (үч) жумушчу күнүнүн ичинде, Кардар тарабынан жүргүзүлгөн Банктык операцияларга тиешелүү маалыматты жана документтерди берүүгө милдеттүү. Кардарды талаптагыдай текшерүү үчүн керектүү маалыматтарды жана/же

документтерди бербеген учурда, Банк төмөндөгү чечимдердин бирин кабыл алат:

- Кардар менен ишкердик мамилени түзбөйт (эсепти ачуудан же тейлөөгө кабыл алуудан баш тартат).
- Кардар менен түзүлгөн Келишимди бир азга токтотот же токтотот жана бузат;
- операцияларды (бүтүмдү) жүргүзбөйт.

3.3.36. Кардар карттын эсебин камтуу менен, ар кандай эсептер боюнча банк алдында пайда болгон Карызды өз убагында төлөөгө жана карт боюнча жүргүзүлгөн операциялар боюнча толук көлөмдө бардык чыгымдарды өз учурунда төлөөгө милдеттүү.

3.3.37. Кардар карттык эсеп боюнча техникалык овердрафттын жана/же башка карыздардын суммасын, ошондой эле Банктын пайдасына комиссия суммасын жана Банк менен Кардар ортосунда түзүлгөн ушул Келишим жана башка келишимдер боюнча жана башка төлөмдөрдү анын биринчи талабы боюнча Банкка, Банктын Тарифтерине ылайык төлөөгө макул жана милдеттүү.

3.3.38. Кардар тарабынан Келишим жоболорун же шарттарын жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуунун натыйжасында, Банк тарткан чыгымдар жана зыяндар үчүн Банк алдында Кардар жоопкерчилик тартат.

3.3.39. Кардар белгилүү бир мезгил ичинде колдонулган карттан (эсептен түз дебеттөө) жана Банктык эсептерден жана /же акчалардын белгилүү бир суммасынын чегинде, акчаларды алуу жөнүндө алдын ала жазуу жүзүндөгү уруксатты (көрсөтмөнү) Банкка берүүгө укуктуу.

3.3.40. Кардар Банктын Тарифтерине ылайык жана Банк тарабынан аныкталган шарттарда кайсы гана мезгилде болбосун Оптима24 боюнча же, Банктын бөлүмүнөн өзүнүн эсеби боюнча көчүрмөнү суроого жана жеке өзү алууга укуктуу.

3.3.41. Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Келишим шарттарына ылайык, өздөрүнүн милдеттенмелерин талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.

**3.4. Ишеним кат боюнча мураскерлер тарабынан Кардардын эсебин тескөө шарттары**

3.4.1. Тараптар Кардардын эсебин/ мөөнөттүү аманатын тескөө боюнча үчүнчү жакка ыйгарым укук берүүгө байланыштуу, тобокелдиктерди мүмкүн болушунча максималдуу азайтуу максатында, коопсуздук боюнча төмөндөгү шарттарды сактоого макулдашат:

3.4.1.1. Эсепти/ мөөнөттүү аманатты (депозитти) тескөө жана башка операцияларды жүргүзүү укугу боюнча үчүнчү жакка Кардар ишеним кат берген учурда, Банк төмөндөгүлөргө укуктуу:

- зарыл болгондо, анын ичинен, ишеним каттын аныктыгы күмөн жаратса, Кардарга, нотариуска жазуу жүзүндө суроо-талап жөнөтүү же ишеним катты экспертизага жөнөтүү аркылуу ишеним каттын берүү фактысын текшерүүгө;
- Кардардын ишеним катты берген фактысын, ишеним каттын аныктыгын тастыктоо алганга чейин, эсеп боюнча операцияларды токтотууга жана жүргүзбөөгө.

3.4.1.2. Ишеним катты тастыктоо үчүн Кардар/ишенимдүү адам Банкка эсепти/ мөөнөттүү аманатын (депозитти) тескөө боюнча нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн эсепти/ мөөнөттүү аманатын (депозитти) тескөө боюнча ишеним каттын түп нускасын берет.

3.4.1.3. Кардар/ишенимдүү адам ишеним каттын негизинде эсептерди тескөөгө ыйгарым укук берилген адамды алмаштырууда, же анын ыйгарым укугун мөөнөтүнөн мурда токтотууда, Банкка жазуу жүзүндө дароо билдирүүгө жана мындай өзгөртүүлөрдү тастыктаган документтердин түп нускасын берүүгө милдеттүү.

3.4.1.4. Банк ишенимдүү адамды алмаштыруу, же анын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө Банкка билдирбеген же өз убагында билдирбеген учурда, ишенимдүү адамдын иш-аракети үчүн жоопкерчилик тартпайт.

3.4.1.5. Кардардын ишенимдүү адамына карата ушул Келишимде белгиленген, кызмат көрсөтүүлөрдү пайдаланууга жана операцияларды жүргүзүүгө карата бардык талаптар жайылтылат.

3.4.1.6. Каза болгон /каза болду деп айтылган Кардардын эсебинен акча каражаттары, колдонуудагы мыйзам жана Банктын ички ченемдик документтери менен белгиленген документтердин негизинде жана мөөнөттө, Тарифтерге ылайык Банктын комиссиясын кармап калуу менен, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамга ылайык ыйгарым укуктуу башка адамдарга/мураскерлерге берилет.

### 3.5. Эсептен акча каражаттарын акцептсиз эсептен чыгаруу, операцияларды токтотуу жана карызды төлөө:

3.5.1. Кардар Банктын өзүнүн кадыр-баркын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү менен күрөшүүнүн эл аралык стандарттарын сактоого аракетин жана күмөндүү операцияларга карата Банктын мамилесин сыйлашы керек. Банк акча каражаттарынын ашкере пайда болушун тастыкталбаган деп эсептейт жана Кардардын эсеби боюнча операцияларды токтотууга жана/же бир тараптуу тартипте Келишимди бузууга же эсепти жүргүзүүнү жана тейлөөнү токтотуу менен эсепти жабууга төмөндөгү учурларда укуктуу:

3.5.1.1. Кардардын эсеби боюнча ачык эмес мүнөздөгү операцияны/операцияларды жүргүзүү жана операциялардын негиздүүлүгүн тастыктаган документтерди сураган мөөнөттө Банкка бербеген учурда. Мында, эгерде мындай күмөн саноо тастыкталбаган учурда дагы, Кардардын операциясын/операцияларын аткарууну токтотуу же мөөнөтүн өткөрүү менен келтирилген Кардардын чыгымдары үчүн, Банк эч кандай жоопкерчилик тартпайт.

3.5.1.2. Эгерде туура эмес документтер берилсе;

3.5.1.3. Эгерде Кардар тарабынан Кардарды идентификациялоо боюнча талаптарды аткаруу үчүн зарыл болгон тиешелүү документтер берилбесе;

3.5.1.4. Террористтик же экстремисттик ишке жана террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамына ылайык, алынган кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого), массалык түрдө жок кылуу куралын жайылтууга Кардардын катышкандыгы жөнүндө маалыматтар болсо;

3.5.1.5. Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө

салуучу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамы менен каралган жана башка учурларда.

Мында, ушул Келишимди бузуу, 1 (бир) календардык айдын ичинде Кардарга алдын ала билдирүү менен жүргүзүлөт.

3.5.2. Эсеп боюнча Карыз, анын ичинен, кредиттик лимитти пайдалангандыгы үчүн пайыздар жана мөөнөтү өткөрүлүп колдонулган кредиттик лимит үчүн туумдар жана үстөк айыптар, ошондой эле техникалык овердрафт Кардар тарабынан төлөнбөгөндө, Банкта ачылган Кардардын атына ачылган кайсы гана болбосун Кардардын банктык эсептеринен карыздын жалпы суммасын макулдугусуз (акцептсиз) эсептен чыгарууга банк укуктуу.

3.5.3. Кыргыз Республикасынын сот жана башка мамлекеттик органдарынын талаптары, тиешелүү органдардын чечимдеринин негизинде, ошондой эле колдонуудагы Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен каралган башка негиздер боюнча Кардардын кошумча макулдугу жок эле аткарууга кабыл алынат.

## 4-глава. Банктын жайларында кассалык тейлөө

4.1. Кассалык тейлөө, Банктын Тарифтерине ылайык комиссияны төлөө менен, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен белгиленген тартипте, жумуш күндөрү улуттук жана чет элдик валютадагы накталай акча каражаттарын Банк тарабынан кабыл алууну, берүүнү, кайрадан эсептөөнү, алмаштырууну камтыйт.

4.2. Эсептен накталай акча каражаттарын берүү, Банктын Тарифтери менен каралган комиссияны эске алуу менен, эсептеги акча каражаттарынын жеткиликтүү калдыгынын чегинде жүргүзүлөт.

4.3. Кардар тарабынан акча каражаттары, Банктын ички ченемдик документтери, жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамы менен белгиленген тартипте, инсандыгын күбөлөндүргөн документти көрсөтүү менен, операциялык күн ичинде Банктын кайсы гана болбосун бөлүмдөрүнөн накталай алынышы мүмкүн.

## 5-глава. Банктын төлөм терминалдарындагы/автоматташтырылган депозиттик машиналардагы операциялар

5.1. Төлөм терминалында/автоматташтырылган депозиттик машиналарда (мындан ары – ТТ/АДМ) операция жүргүзүү үчүн, Кардар ТТ/АДМда көрсөтүлгөн электрондук формаларды өз алдынча толтурат, же web-камера аркылуу QR-кодду онлайн эсептөө үчүн төлөөгө документти көрсөтөт жана ТТ/АДМдын акча кабыл алгычына акча каражаттарын салат.

5.2. Накталай акча каражаттары менен бир жолку жүргүзүлүүчү операция, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамына ылайык, Банк тарабынан белгиленген лимиттен ашырылбашы керек.

5.3. ТТ/АДМда операцияны жүргүзүүнү тастыктоо катары, Банк тарабынан Кардарга кагаз жүзүндө кассалык чек берилет.

5.4. ТТ/АДМда операция жүргүзүү үчүн Банк тарабынан комиссия алынган учурда, комиссиянын өлчөмү ТТ/АДМдын дисплееинде электрондук формада, ошондой эле төлөм жүргүзүлгөндөн кийин Төлөөчүгө берилген кассалык чекте көрсөтүлөт.

5.5. Банк олуттуу бузуулар, каталар жана үзгүлтүккө учуроолор аныкталганда, ошондой эле ТТ/АДМга санкцияланбаган жетүү мүмкүнчүлүгүн алдын алуу жана/же профилактикалык иштерди жүргүзүү зарылдыгына байланыштуу, ТТ/АДМдын ишин токтотууга укуктуу.

5.6. Кардар программалык камсыздоо жана төлөмдү кабыл алуу убагында ТТ/АДМдын нускамалары менен каралган, төлөмдү кабыл алуу тартибин жана технологиясын сактоого милдеттүү.
5.7. Кардар жеке маалыматтарды (абоненттик номерди, электрондук почтанын дарегин, карттын номерин ж.б.у.с.), төлөм боюнча маалыматтарды ТТ/АДМга жаңылыш киргизгендигине байланыштуу, анда пайда болгон чыгымдарга жоопкерчилик тартат.
5.8. Тараптар ТТ/АДМны колдонууда Кардардын иш-аракеттери жөнүндө талаш-тартыштарды чечүүдө, Кардардын иш-аракетин тастыктоочу документтер болуп, төмөндөгүлөр эсептелээрин таанышат:
- ТТ/АДМдан берилген кассалык чек;
- ТТ/АДМды программалык камсыздоо жана техникалык түзүлүштөр тарабынан катталган окуяларга байланыштуу болгон Кардардын иш-аракетинин протоколу.

## 6-глава. Кардардын эсеби боюнча алмаштыруу (накталай эмес алмаштыруу операциялары) боюнча кызмат көрсөтүүлөр

6.1. Алмаштыруу, Кардардын талаптагыдай таризделген тапшырмаларынын негизинде жүргүзүлөт.
6.2. Банк колдонуудагы Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, алмаштыруу учурунда Банк тарабынан белгиленген, Банктын курсу боюнча алмаштыруу операциясын жүргүзөт:
- чет элдик валютадан улуттук валютага;
- улуттук валютадан чет элдик валютага;
- чет элдик валютадан башка чет элдик валютага.
6.3. Карт менен операциялар боюнча алмаштыруу, ушул Келишим жана “Оптима Банк” ААКсынын банктык карттарын пайдалануу эрежелерине (ушул Келишимдин 20-тиркемсеи) ылайык, Кардардын кандайдыр бир макулдугусуз жана акцептсиз тартипте жүргүзүлөт.

## 7-глава. Мөөнөттүү аманаттарга (депозиттерге) акча каражаттарын кабыл алуу жана сактоо тартиби

**7.1. Мөөнөттүү аманатты (депозитти) жайгаштыруу:**
7.1.1. Кардар ушул Келишимдин алкагында, Банктагы колдонуудагы мөөнөттүү аманатка (депозитке) акча каражаттарын жайгаштырууга укуктуу.
7.1.2. Арыз-анкетанын негизинде, Банк Кардардын атына эсеп ачат жана Аманатты (депозитти) ачкан күнү Кардардан (же Салуучудан – үчүнчү жактын пайдасына мөөнөттүү аманаты (депозитти) жайгаштырылган учурда) белгилүү бир мөөнөткө аманаттын (депозиттин) суммасын кабыл алат жана жогоруда көрсөтүлгөн Арыз-анкетанын жана Келишимдин ушул шарттары менен каралган тартипте жана өлчөмдө мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча сый акы төлөйт жана ушул Келишим шарттарына ылайык, мөөнөттүү аманаты (депозитти) кайтарат.
7.1.3. Мөөнөттүү аманат (депозит) Кардар тарабынан накталай/накталай эмес тартипте салынышы мүмкүн.
7.1.4. Кардар мөөнөттүү аманатты (депозитти) колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин үчүнчү жактын пайдасына, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) суммасы

болуп эсептелген акча каражаттарын которуу жөнүндө Банкка буйрук берүүгө укугу жок.

7.1.5. Үчүнчү жак тарабынан мөөнөттүү аманатты (депозитти) толтуруу, мөөнөттүү аманатты (депозитти) толтуруу үчүн зарыл болгон маалыматтар үчүнчү жакка бергендигин билдирген, үчүнчү жактан мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча акча каражаттарынын келип түшүүсүнө Кардардын макулдугу болгондо гана мүмкүн.

7.1.6. Бала 14 (он төрт) жашка чыкканга чейин ачылган мөөнөттүү аманатты (депозитти), ата-энеси же башка мыйзамдуу өкүлдөрү тескешет.

7.1.7. 14 (он төрт) жаштан тартып жашы жетек элек адам ата-энесинин жана башка мыйзамдуу өкүлдөрдүн макулдугусуз эле, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, мөөнөттүү аманатты (депозитти) салууга жана аларды тескөөгө укуктуу.

7.1.8. Банктын бөлүмү аркылуу мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачуу, Кардар тарабынан талаптагыдай толтурулган жана кол коюлган Арыз-анкетанын негизинде, Кардар тарабынан мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) суммасына салуу, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Келишимде каралган документтердин толук пакетин Кардар көрсөтүү менен жүргүзүлөт. «Optima24тө» мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачуу, Кардарды аутентификациялоо жана идентификациялоо каражаттарын колдонуу менен, Кардар тарабынан офертаны кабыл алуунун негизинде жүргүзүлөт.

7.1.9. «Optima24» аркылуу мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) айрым түрлөрүн ачуу (техникалык ишке ашыруу учурунда), ушул Келишим менен белгиленген, Кардарды аутентификациялоо жана идентификациялоо каражаттарын колдонуу менен «Optima24» аркылуу таризделген, мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачууга электрондук буйрук берүүнүн негизинде жүргүзүлөт.

7.1.10. «Optima24тө» мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачуу боюнча тапшырмага, Кардар ачыла турган мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) параметрлерин көрсөтөт, анын ичинен, аманаттын (депозиттин) түрүн, аманаттын (депозиттин) суммасын, аманаттын (депозиттин) валютасын, аманаттын (депозиттин) мөөнөтүн, сый акы коюмун, мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачуу үчүн акча каражаттарын чегерүү жүргүзүлө турган, Банктагы Кардардын талап боюнча төлөнүүчү эсеби/Төлөм картанын эсеби жөнүндө маалыматтарды жана башка параметрлерди, эгерде мындайлар болсо.

7.1.11. Кардар Банктын https://optima24.kg/Authorize/Login Корпоративдүү сайтында жайгаштырылган, ушул Келишим менен каралган, аутентификациялоо жана идентификациялоо каражаттарын колдонуу менен, «Optima24тө» мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) шарттарын тастыктайт.

7.1.12. «Optima24тө» мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачуу боюнча тапшырма, «Optima24тө» операцияларды жүргүзүүнү жана Кардарды туура аутентификациялоо жана идентификациялоону тастыктаган, Банктын автоматташтырылган тиешелүү тутумунда мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачуу боюнча жүргүзүлгөн операциялардын протоколу, Банк менен ушул Келишимин түзүү жөнүндө Кардардын макулдугун тастыктоо болуп эсептелет жана жазуу жүзүндөгү Келишимге теңештирилет.

7.1.13. Мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) параметрлерин сактоо, Банктын маалыматтар базасында электрондук формада жүргүзүлөт.

**7.2. Мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча сый акы:**

7.2.1. Мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) суммасына сый акы, Кардар мөөнөттүү аманат (депозит) ачкан күнү колдонуудагы пайыздык коюмга ылайык эсептелет жана жылдын жана айдын факты жүзүндөгү санына жараша эсептелет, эгерде башкалар мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) атайын шарттары менен белгиленбесе.

7.2.2. Мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча сый акынын жылдык натыйжалуу коюмунун өлчөмү жана пайыздык коюмдар, https://www.optimabank.kg/ru/for-individuals/deposits.html дареги боюнча Банктын корпоративдүү сайтына жайгаштырылган. Жылдык натыйжалуу коюм мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча сый акыны эсептөөдө колдонулбайт жана маалымдама түрүндө келтирилет.

7.2.3. Мөөнөттүү аманат (депозит) суммасына сый акы, Кардардын мөөнөттүү аманаты (депозити) ачылган Банктык эсебине акча каражаттары келип түшкөн (салынган) күндөн кийинки күндөн тартып, мөөнөттүү аманатты (депозитти) колдонуу мөөнөтү аяктоонун алдыңкы күнүнө чейин эсептелет.

7.2.4. Сый акыны төлөө, ай сайын белгилүү бир датада же мөөнөттүү аманатты (депозитти) колдонуу мөөнөтү аяктаганда жүргүзүлөт, эгерде башкалар мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) атайын шарттары менен белгиленбесе. Эгерде сый акыны төлөө күнү, дем алыш же майрам күндөрүнө туш келсе, сый акыны төлөө андан кийинки жумушчу күнү жүргүзүлөт.

7.2.5. Кардар талап кылбаган сый акы суммасы, ага сый акы эсептелген мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) суммасын көбөйтпөйт.

7.2.6. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамына ылайык, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) суммасын алуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын сот жана башка мамлекеттик органдарынын талаптарын Банк аткарган күндөн тартып, сый акыны эсептөө жүргүзүлбөйт. Мында, мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча Банк тарабынан мурда төлөнгөн сый акы, Банкка Кардар тарабынан кайтарууда мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) негизги суммасынан кармалууга тийиш.

**7.3. Мөөнөттүү аманатты (депозитти) мөөнөтүнөн мурда бузуу:**

7.3.1. Кардардын демилгеси менен, мөөнөттүү аманат (депозит) мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда, мөөнөттүү аманатты (депозитти) мөөнөтүнөн мурда бузуу жөнүндө Кардардан арыз алынган учурдан тартып, Банк 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) суммасын төлөйт.

7.3.2. Кардардын демилгеси менен мөөнөттүү аманат (депозит) мөөнөтүнөн мурда бузулганда, https://www.optimabank.kg/ru/for-individuals/deposits/early-termination-of-bank-deposit.html дареги боюнча Банктын корпоративдүү сайтында көрсөтүлгөн пайыздык схемага ылайык, сый акы коюму боюнча мөөнөттүү аманатта (депозитте) турган акча каражаттарынын факты жүзүндө убактысына жараша эсептелет жана төлөнөт. Кардар мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачкан учурда, Банктагы колдонуудагы мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) тиешелүү түрлөрү (мөөнөтү) боюнча пайыздык коюм колдонулат.

7.3.3. Мөөнөттүү аманат (депозит) мөөнөтүнөн мурда бузулганда, эгерде Банк тарабынан Кардарга ай сайын сый акы төлөнсө, анда сый акынын ашыкча төлөнгөн суммасы кармалууга тийиш. Сый акынын ашыкча төлөнгөн суммасын кармоо, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) негизги суммасынан жана сый акы эсептелген суммадан жүргүзүлөт.

7.3.4. Банктын демилгеси менен мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда сый акы, мөөнөттүү аманат (депозит) ачылган күнү колдонуудагы коюм боюнча мөөнөттүү аманатын (депозиттин) факты жүзүндөгү убактысы боюнча

эсептелет, узартылган Келишим бузулган учурда - узартуу учурундагы колдонуудагы коюм боюнча эсептелет.

7.3.5. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамына ылайык, мөөнөттүү аманат (депозит) суммасын алуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын сот жана мамлекеттик органдарынын талабы Банк тарабынан аткарылган учурда, Банк Кардарга/салуучуга/ишенимдүү адамга мөөнөттүү аманатын (депозиттин) калдыгын мөөнөтүнөн мурда кайтарууга укуктуу.

**7.4. Мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) мөөнөтүнүн аякташы:**

7.4.1. Банк Кардар кайрылганда, мөөнөттүү аманатты (депозитти) колдонуу мөөнөтү аяктаган күндөн тартып, 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) суммасын жана аманат шарттарына ылайык эсептелген сый акыны Кардарга төлөөгө милдеттүү.

7.4.2. Банк тарабынан мөөнөттүү аманатты (депозитти) суммасын жана эсептелген сый акыны төлөө мөөнөтү бузулган учурда, Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

7.4.3. Мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) мөөнөтү аяктаганда Кардар келбеген жана эсептелген сый акы жана мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) суммасын талап кылбаган учурда, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) мөөнөтү аяктаган учурда талап боюнча төлөнүүчү эсептер үчүн, Банк тарабынан белгиленген сый акы коюму менен, талап боюнча төлөнүүчү Эсептин шарттарында мөөнөттүү аманат (депозит) узартылган болуп эсептелет, эгерде мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) атайын шарттары менен башкалар белгиленбесе.

7.4.4. Эгерде жашы жете элек адам Кардар болуп эсептелсе, анда ага мөөнөттүү аманатты (депозитти) же анын бир бөлүгүн Кардарга берүү, ушул Келишим жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен белгиленген чектөөлөрдү эске алуу жана жашы жете элек адам тарабынан (14 жаштан 16 жашка чейин) туулгандыгы тууралуу күбөлүктү жана сүрөтү менен жашаган/окуган жеринен алынган маалымкатты көрсөтүү менен жүргүзүлөт.

7.4.5. Мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) белгилүү бир түрү боюнча акча каражаттарын кабыл алуу Банк тарабынан токтотулгандыгына байланыштуу, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) толук суммасын кайтаруу жөнүндө Кардарга/салуучуга/ишенимдүүү адамга Банк билдирүү жөнөткөн учурда, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) мөөнөтү андан ары автоматтык түрдө узартылбайт, мөөнөттүү аманатты (депозитти) аны колдонуу мөөнөтү аяктаганга же акыркы узартуу мөөнөтүнө чейин колдонулат.

7.4.6. Мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) суммасын толук кайтаруу, төмөндөгү учурларда, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) суммасын толук кайтаруунун болжолдонгон күнүнө чейин 10 (он) жумушчу күнүнөн кем эмес убакыт ичинде Кардарга/ишенимдүү аламга/салуучуга бул жөнүндө алдын ала билдирүү менен, бир тараптуу тартипте Банк тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн:

- ушул түрдөгү жаңы мөөнөттүү аманатты (депозитти) кабыл алууну Банк тарабынан токтотулушу;
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамы менен каралганда.

**7.5. "Ийгиликтүү" мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) атайын шарттары:**

7.5.1. Банктык кызмат көрсөтүүлөр боюнча Арыз-анкетанын негизинде, Арыз-анкетанын көрсөтүлгөн мөөнөткө, "Ийгиликтүү" мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) акча каражаттарын берет, ал эми Банк аны кабыл алат.

7.5.2. "Ийгиликтүү" мөөнөттүү аманат (депозит) Кардардын инсандыгын күбөлөндүргөн документтин жана пенсиялык күбөлүктүн негизинде ачылат.

7.5.3. Мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) улуттук валютадагы минималдуу жана максималдуу суммасы: 1000 (бир миң) сомдон 10 000 000 (он миллион) сомго чейин, 20 (жыйырма) АКШ долларынан 150 000 (жүз элүү миң) АКШ долларына чейин камтуу менен;
7.5.4. “Ийгиликтүү” мөөнөттүү аманаты (депозити) боюнча кошумча төгүмдөр, акча каражаттарынын биринчи төгүмүнө кошулат. Биринчи сумма жана кийинки кошумча төгүмдөр, бирге аманат (депозит) деп аталат. Кошумча төгүмдөр саны жана суммасы боюнча чектелбестен жүргүзүлүшү мүмкүн.
7.5.5. Кошумча төгүмдөрдү кабыл алуу, “Ийгиликтүү” мөөнөттүү аманатынын (депозитинин) мөөнөтү аяктаганга чейин, 30 (отуз) календардык күндүн ичинде токтотулат. Мында, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) мөөнөтү аяктаганга чейин өтүп жаткан 30 (отуз) календардык күндүн дем алыш/майрам күндөрүндө кошумча төгүмдөр кабыл алынбайт.
7.5.6. “Ийгиликтүү” мөөнөттүү аманаттан (депозиттен) акча каражаттары жарым-жартылай берилбейт.

**7.6. Көрүнүктүү киреше” мөөнөттүү аманатынын (депозитинин) атайын шарттары:**
7.6.1. Кардардын Арыз-анкетасынын негизинде, Кардар Арыз-анкетада көрсөтүлгөн мөөнөткө, “Көрүнүктүү киреше” мөөнөттүү аманатына (депозитине) акча каражаттарын берет, ал эми Банк аны кабыл алат.
7.6.2. Мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) улуттук валютадагы минималдуу жана максималдуу суммасы: 7 500 000 (жети миллион беш жүз миң) сомдон 75 000 000 (жетимиш беш миллион) сомго чейин, 100 000 (жүз миң) АКШ долларынан 1 000 000 (бир миллион) АКШ долларына чейин камтуу менен;
7.6.3. Мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча кошумча төгүмдөрдү кабыл алуу каралган эмес. Мөөнөттүү аманаттан (депозиттен) акча каражаттары жарым-жартылай берилбейт.

**7.7. “Балдар кирешесинин” мөөнөттүү аманатынын (депозитинин) атайын шарттары:**
7.7.1. Салуучунун Арыз-анкетасынын негизинде, Салуучу (ата-энеси, жана башка мыйзамдуу өкүлдөр же үчүнчү жак) Кардардын пайдасына (Кардар 14 жашка чыкканга чейин) Арыз-анкетада көрсөтүлгөн мөөнөткө, акча каражаттарынын биринчи төгүмүн берет, ал эми Банк аны мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) шарттарында кабыл алат.
7.7.2. Мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) минималдуу суммасы – 1 000 (бир миң) сом.
7.7.3. Жашы жете элек балага (14 (он төрт) жашка чейин жашы жетек элек баланын атына) “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачууда Салуучу (ата-энеси, жана башка мыйзамдуу өкүлдөр же үчүнчү жак) милдеттүү түрдө төмөндөгүлөрдү көрсөтөт:
7.7.3.1. Жашы жете элек баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүктү (же жашы жете элек баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн нотариалдык жактан күбөлөндүргөн көчүрмөсүн);
7.7.3.2. Салуучунун (ата-энеси, жана башка мыйзамдуу өкүлдөр же үчүнчү жак) инсандыгын күбөлөндүргөн документти;
7.7.3.3. Эгерде Салуучу, жашы жете элек баланын ата-энеси/жашы жетек элек баланын мыйзамдуу өкүлү эмес болуп эсептелсе, жашы жете элек баланын пайдасына ишенимдүү адам тарабынан “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачуу үчүн, ата-энесинин/ мыйзамдуу өкүлдөрдүн нотариалдык жактан таризделген макулдугу берилиши керек;

7.7.3.4. Эгерде “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманатты (депозитти) ата-энесинин/ мыйзамдуу өкүлдөрдүн бири ачса, “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманатты (депозитти) мөөнөтүнөн мурда жабуу жана ушул Келишимди мөөнөтүнөн мурда бузуу укугу менен, “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманатты (депозитти) тескөө укугуна ата-энесинин экинчисинин (башка бардык мыйзамдуу өкүлдөр, алардын болушу менен) нотариалдык жактан таризделген макулдугу берилиши керек. Ата-энесинин экинчиси/мыйзамдуу өкүлү жок болсо, ата-энеси экинчисинин/мыйзамдуу өкүлүнүнжоктугу жөнүндө тастыктаган документти бериши керек.

7.7.4. Эгерде “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманаты (депозити) ата-энесинин экөөсү тарабынан ачылса, Банк тарабынан белгиленген формага ылайык, ата-энесинин экинчиси катышпастан эле, “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманатты (депозитти) мөөнөтүнөн мурда жабуу жана келишимди мөөнөтүнөн мурда бузуу укугу менен, Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманатты (депозитти) тескөө укугуна макул болуу формасына кол коюлушу керек.

7.7.5. Ал 14 жашка чыкканга чейин, жашы жете элек баланын атына ачылган “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманатты (депозитти) тескөө/жабуу, анын ата-энеси/мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлөт (мында, жашы жете элек баланын ата-энесинин экөөсү тең (бардык мыйзамдуу өкүлдөрү) катышышы керек), эгерде, ата-энесинин бирөөсү (мыйзамдуу өкүлү) эле катышса, “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) тиешелүү түрү үчүн белгиленген жалпы эрежелер боюнча “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманатты (депозитти) тескөө/жабуу боюнча, 7.7.4-пунктка ылайык таризделген, ата-энесинин экинчисинин/башка бардык мыйзамдуу өкүлдөр (алардын болушу менен) нотариалдык жактан таризделген макулдугу керек.

7.7.6. Мыйзамдуу өкүлдөрү (жашы жете элек баланын ата-энеси жок болгондо) тарабынан жашы жете элек баланын атына “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманат (депозит) ачылган учурда, “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманатта (депозитте) турган акча каражаттарын тейлөө үчүн, камкордук көрүүчү жана көзөмөлдөөчү органдын уруксатын берүү керек.

7.7.7. “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманат (депозит) кошумча төгүмдөр каралган, алар акча каражаттарынын биринчи төгүмүнө кошулат. Биринчи сумма жана кийинки кошумча төгүмдөр, бирге аманат (депозит) деп аталат. Кошумча төгүмдөр суммасы жана саны боюнча чектелбестен жүргүзүлүшү мүмкүн.

7.7.8. Кошумча төгүмдөрдү кабыл алуу, “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) мөөнөтү аяктаганга чейин бир жыл ичинде токтотулат.

7.7.9. Эсептелген сый акыларды капиталдаштыруу (негизги суммага кошуу), ар бир 3 (үч) календардык айда жүргүзүлөт жана мурда кошулган сый акыны эске алуу менен, кийинки сый акы мөөнөттүү аманат (депозит) суммасына эсептелет.

7.7.10. Сый акыны төлөө, “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) мөөнөтү аяктаганда жүргүзүлөт. Эгерде, сый акы төлөө күнү дем алыш же майрам күндөрүнө туш келсе, сый акыны төлөө андан кийинки жумушчу күнү жүргүзүлөт.

7.7.11. “Балдар кирешеси” мөөнөттүү аманаттан (депозиттен) акча каражаттары жарым-жартылай берилбейт.

**7.8. “Оптималдуу киреше” мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) атайын шарттары:**

7.8.1. Кардар Арыз-анкетанын негизинде, Арыз-анкетада көрсөтүлгөн мөөнөткө, “Оптималдуу киреше” мөөнөттүү аманатына (депозитине) акча каражаттарын берет, ал эми Банк аны кабыл алат.

7.8.2. “Оптималдуу киреше” мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) улуттук валютадагы минималдуу суммасы: 1000 (бир миң) сом, 20 (жыйырма) АКШ доллары, 1000 (бир миң) Россия рубли.

7.8.3. “Оптималдуу киреше” мөөнөттүү аманатты (депозити) боюнча кошумча төгүмдөр каралган, алар акча каражаттарынын биринчи төгүмүнө кошулат. Биринчи сумма жана кийинки кошумча төгүмдөр, бирге аманат (депозит) деп аталат. Кошумча төгүмдөр суммасы жана саны боюнча чектелбестен жүргүзүлүшү мүмкүн.

7.8.4. “Оптималдуу киреше” мөөнөттүү аманатка (депозитке) кошумча төгүмдөрдү кабыл алуу, мөөнөттүү аманаттын (депозитин) мөөнөтү аяктаганга чейин, 30 (отуз) календардык күндүн ичинде токтотулат. Мында, мөөнөттүү аманаттын (депозитин) мөөнөтү аяктаганга чейин өтүп жаткан 30 (отуз) календардык күндүн дем алыш/майрам күндөрүндө кошумча төгүмдөр кабыл алынбайт.

7.8.5. “Оптималдуу киреше” мөөнөттүү аманаттан (депозиттен) акча каражаттары жарым-жартылай берилбейт.

**7.9. “Чексиз киреше” мөөнөттүү аманатынын (депозитинин) атайын шарттары:**

7.9.1. Кардар Арыз-анкетанын негизинде, Арыз-анкетада көрсөтүлгөн мөөнөткө, “Чексиз киреше” мөөнөттүү аманатына (депозитине) акча каражаттарын берет, ал эми Банк аны кабыл алат.

7.9.2. Аманаттын улуттук валютадагы минималдуу суммасы: 1000 (бир миң) сом, 20 (жыйырма) АКШ доллары.

7.9.3. Мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча кошумча төгүмдөрдү кабыл алуу каралган эмес. Мөөнөттүү аманаттан (депозиттен) акча каражаттары жарым-жартылай берилбейт.

7.9.4. Аны жайгаштыруу мөөнөтү аяктагандан кийин Кардар келбеген учурда, “Чексиз киреше” мөөнөттүү аманатын (депозитин) колдонуу мөөнөтүн узартуу күнүндө колдонуудагы коюм боюнча сый акыны эсептөө менен, ошол эле шарттарда, “Чексиз киреше” мөөнөттүү аманат (депозит) ошол мөөнөткө автоматтык түрдө узартылган болуп эсептелет.

7.9.5. Кийинки мөөнөткө узартылган “Чексиз киреше” мөөнөттүү аманатын (депозитин) Кардардын демилгеси менен мөөнөтүнө мурда бузулганда, сый акы https://www.optimabank.kg/ru/for-individuals/deposits/early-termination-of-bank-deposit.html дареги боюнча Банктын корпоративдүү сайтында көрсөтүлгөн пайыздык схемага ылайык эсептелет. Мөөнөттүү аманатын (депозитин) узартуу учурунда Банктагы колдонуудагы мөөнөттүү аманатын (депозитин)тиешелүү түрлөрү (мөөнөтү) боюнча пайыздык коюм колдонулат.

**7.10. “Кайрымдуулук” мөөнөттүү аманатынын (депозитинин) атайын шарттары:**

7.10.1. Кардар Арыз-анкетанын негизинде, Арыз-анкетада көрсөтүлгөн мөөнөткө, “Кайрымдуулук” мөөнөттүү аманатына (депозитине) акча каражаттарын берет, ал эми Банк аны кабыл алат.

7.10.2. Аманаттын улуттук валютадагы минималдуу жана максималдуу суммасы: 1 500 000 (бир миллион беш жүз миң) сомдон 75 000 000 (жетимиш беш

миллион) сомго чейин, 200 000 (эки жүз миң) АКШ долларынан 1 000 000 (бир миллион) АКШ долларына чейин камтуу менен.

7.10.3. “Кайрымдуулук” мөөнөттүү аманаты (депозити) боюнча кошумча төгүмдөр суммасы жана саны боюнча чектөөсүз каралган, алар акча каражаттарынын биринчи төгүмүнө кошулат. Биринчи сумма жана кийинки кошумча төгүмдөр, бирге аманат (депозит) деп аталат.

7.10.4. “Кайрымдуулук” мөөнөттүү аманатына (депозитине) кошумча төгүмдөрдү кабыл алуу, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) мөөнөтү аяктаганга чейин, 30 (отуз) календардык күндүн ичинде токтотулат. Мында, мөөнөттүү аманаттын (депозиттин) мөөнөтү аяктаганга чейин өтүп жаткан 30 (отуз) календардык күндүн дем алыш/майрам күндөрүндө кошумча төгүмдөр кабыл алынбайт.

7.10.5. Кардар Арыз-анкетада көрсөтүлгөн “Кайрымдуулук” мөөнөттүү аманатын (депозити) суммасынан жылдык 0,5 (нөл бүтүн ондон беш) %ды аутизм менен ооруган балдардын ата-энелеринин Банкта ачылган “Колмо кол” Кайрымдуулук коомунун эсебине акцептсиз тартипте которууну Банкка тапшырат.

7.10.6. “Кайрымдуулук” мөөнөттүү аманаттан (депозиттен) акча каражаттары жарым-жартылай берилбейт.

## 8-глава. Төлөм картын чыгаруу жана тейлөө тартиби

### 8.1. Картты чыгаруу жана тейлөө:

8.1.1. Төлөм карттарын тейлөө шарттары жана коопсуз пайдалануу эрежелери, https://cards.optimabank.kg/security.html, дареги боюнча Банктын корпоративдүү сайтында жайгаштырылган, Банктын” банктык карттарын колдонуу эрежелеринде жана ушул Келишимдин 20-тиркемесинде жазылган.

8.1.2. Картты чыгаруу, карттар боюнча кызмат көрсөтүүлөргө кошуу/токтотуу, ошондой эле чыгым лимиттерин жана чектөөлөрдү белгилөө/өзгөртүү, карттын статусун өзгөртүү, Банкка кайрылуу менен, Кардардын арызы же Банктын ички жол-жоболоруна ылайык аралыктан тейлөө каналдары (Банктын корпоративдүү сайты, Оптима 24, Контакт-борбор) аркылуу жүргүзүлөт.

8.1.3. Банк картты Арыз-анкетаны кабыл алган жана Банктын Тарифтерине ылайык Кардар бардык комиссияны төлөгөн, ошондой эле Банктын ички документтери жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган бардык документтерди берген күндөн кийинки күнү, 3 (үч) жумушчу күндөн 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде чыгарат/кайрадан чыгарат.

8.1.4. Банк саны жана түрү боюнча бир Кардарга (карттык септин ээсине) картты чыгаруу боюнча чектөөнү белгилейт.

8.1.5. Картты чыгаруу жана тейлөө боюнча комиссиянын, ошондой эле карт боюнча операциялардын кириш жана чыгыш лимиттеринин, картка операциялар боюнча акча каражаттарын которуу лимиттеринин, банктык эсептин түрүнө жана/же валюталар бөлүгүндө акча каражаттарын алмаштыруу боюнча лимиттердин өлчөмү, Банктын Тарифтери менен аныкталат. Тарифтер жөнүндө маалымат, Банктын www.optimabank.kg корпоративдүү сайтында жайгаштырылган. Банктын Тарифтери улуттук, ошондой эле ет элдик валютада көрсөтүлүшү мүмкүн .

8.1.6. Карт Банктын жеке менчиги болуп эсептелет. Картта көрсөтүлгөн жыл жана ай аяктаганга чейин карт жарактуу. Мөөнөтү аяктаган карттар жана колдонуу мөөнөтү башталa элек карттар боюнча карттык операциялар жүргүзүлбөйт.

8.1.7. Банк картты түздөн түз Кардарга, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн ишеним каттын негизинде иш алып барган ишенимдүү адамына берет. Картты алып жатканда Кардарга карттын арткы жагында атайын кол тамганын үлгүсү үчүн бөлүнгөн жерге кол коюу сунушталат.

8.1.8. Кыргыз Республикасынан сырткары картты жеткирүү ( PIN-конвертти камтуу менен), Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жүргүзүлбөйт.

8.1.9. Кардар картты сактоого жана аны жоготуу жана уурдоого каршы чараларды көрүүгө милдеттүү. Картты уурдатканда же жоготкондо Кардар тарабынан керектүү чара көрүлбөсө, бул иш-аракеттер ушул Келишимдин шарттарын жана Эрежелерин бузуу катары Банк тарабынан каралашы мүмкүн (20-тиркеме).

8.1.10. Кардар тарабынан пайдаланууга же күрөө катары үчүнчү жакка берүүгө тыюу салынат.

8.1.11. Ушул Келишимге ылайык, Кардар карт аркылуу эсептеги жеткиликтүү балaнстын чегинде, төмөндөгү операцияларды жүргүзүүгө укуктуу:

- Интернет чөйрөсүндө, соода-сервис ишканасында товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө накталай эмес төлөө;
- Накталай берүү пункттары - банкоматтар/терминалдар аркылуу накталай акча каражаттарын алуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, Оптима24 аркылуу өзүнүн банктык эсебинен алуучунун эсебине (карттан картка, электрондук капчык) акча которуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, акча которуу тутуму аркылуу акча кторуу;
- Оптима24тө катталган кызмат көрсөтүүлөрдү жабдучулардын дарегине Оптима24 аркылуу накталай эмес төлөө;
- Банктын кассасы, банктык чекене кызмат көрсөтүүнүн кеңири спектрин көрсөткөн агенттер, төлөм терминалдары, банкоматтар, акча которуу тутутумдары жана электрондук капчыктар аркылуу картты толтуруу.

8.1.12. Кардардын карты боюнча санцияланбаган операцияларды жүргүзүү тобокелдигин азайтуу максатында, Банк тарабынан карт боюнча операцияларды жүргүзүүгө чектөөлөр жана лимиттер белгиленет. Чектөөлөрдүн жана лимиттердин өлчөмү, аларды белгилөө мөөнөтү жана шарттары, Банк тарабынан өз алдынча белгиленет.

8.1.13. Кардар Банк тарабынан белгиленген чектөөлрдүн жана суткалык лимиттердин чегинде карт боюнча операцяиларды жүргүзүүгө укуктуу.

8.1.14. Чектөөлөр жана суткалык лимиттер Кардар тарабынан өзгөрүшү мүмкүн:

- Банктын бөлүмүнө жазуу жүзүндөгү арыз менен;
- Оптима24тө өз алдынча;
- Банктын ички жол-жоболоруна ылайык, 14 (он төрт) календардык күндөн ашык эмес мөөнөттө, Банктын Контакт-борборуна кайрылуу менен.

8.1.15. Карт боюнча санкцияланбаган операцияларды жүргүзүү тобокелдигин азайтуу максатында Банк, себебин түшүндүрбөстөн эле, чектөөлөрдү жана суткалык лимиттерди өзгөртүүдөн баш тартууга укуктуу.

8.1.16. Коопсуздук максатында Банк, узак убакытка лимиттер суммалары боюнча өтө көп өлчөмдү белгилөөнү сунуш кылбайт.

8.1.17. Ушул Келишим менен каралган, картты колдонуу менен операцияларды жүргүзүү, башка банктардын өзүн өзү тейлөө түзүлүштөрүндө чектелиши мүмкүн.

8.1.18. Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана/же Эрежелерге жана/же төлөм тутумунун укуктук ченемдерине каршы келген, карт боюнча операцияларды жүргүзүүдөн милдеттүү түрдө жана талашсыз баш тартуу укугун өзүн калтырат.

8.1.19. Банк бир тараптуу тартипте Интернет төлөмдөргө жана рекурренттик төлөмдөргө жетүү мүмкүнчүлүгүн берүү шарттарын жөнгө салууга укуктуу. Анын ичинен, Банктын бардык кардарлары үчүн, Интернет төлөмдөргө жетүү мүмкүнчүлүгүн ачууга, мында, бул операциялардын санына жана көлөмүнө лимиттерди белгилейт. Операциялардын саны жана көлөмү Банктын Тарифтери менен белгиленет.

8.1.20. Кардар Оптима 24 аркылуу жетүү мүмкүнчүлүгүн өз алдынча токтотууга же Интернет төлөмдөргө жетүү мүмкүнчүлүгүн токтотууга жазуу жүзүндөгү арыз менен Банкка кайрылуу шартында, Интернет төлөмдөрдү (3D Secure шарттуу белгисин жана рекурренттик төлөмдөрдү киргизүү менен, карт боюнча жүргүзүлгөн операциялардан сырткары) жүргүзүүгө жетүү мүмкүнчүлүгүнөн баш тартууга укуктуу.

8.1.21. Банктын карты контактсыз PayWave төлөмдөрүн жүргүзүү мүмкүнчүлүгү менен чыгарылат, ал Кардардын демилгеси менен токтотулбайт.

8.1.22. Банк төмөндөгү учурларда бир тараптуу тартипте ушул Келишимди бузууга, картты жокко чыгарууга, Банктын Тарифтерине ылайык кармалган комиссияларды кайтарбоого жана ушул Келишимдин 13.1-пункту менен белгиленген тартипте тейлөөнү токтотуу жөнүндө Кардарга билдирүүгө укуктуу:

8.1.22.1. Арыз-анкета берилген күндөн тартып, 6 (алты) календардык айдан ашык мөөнөттө картты алуу үчүн, Кардар Банкка келбегенде;

8.1.22.2. Ушул Келишим менен каралган өзүнүн милдеттерин Кардар аткарбаганда;

8.1.22.3. Картты колдонуу эрежесин бузганда;

8.1.22.4. Банктык эсепти ачуу үчүн келишимди бузганда;

8.1.22.5. Эмгек акы долбоорунун катышуучусу – уюмдан Кардар бошонгондо;

8.1.22.6. Анын негизинде уюм кызматкерлердин карттарына эмгек акыны которгон уюм жана Банк ортосундагы келишим бузулганда;

8.1.22.7. Банктын Тарифтери менен белгиленген мөөнөттөн ашык карттык эсеп боюнча жүгүртүүлөр болбогондо;

8.1.22.8. Террористтик же экстремисттик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) Кардар катышканда, Кардардын катышуусуна күмөн саналганда;

8.1.22.9. Эгерде Кардардын иш-аракети Банктын жана/же башка кардарлардын финансылык жоготууларына алып келсе;

8.1.22.10. Эгерде Кардардын иш-аракети Банктын кадыр-баркынын, экономикалык, финансылык жана башка тобокелдиктерине жана Банктын жоготуусуна алып келсе;

8.1.22.11. Эгерде Кардар Банктын “кара тизмесине” кирсе. Банк Кардарды ички “кара тизмеге” (макулдугусуз эле) киргизүүгө жана себебин түшүндүрбөстөн, картты/карттык эсепти ачуудан, тейлөөдөн баш тартууга укуктуу;

8.1.22.12. Банктын ички ченемдик документтерине жана/же төлөм тутумунун эрежелерине жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, башка негиздер боюнча.

8.1.23. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамына каршы келген же бузуу менен жүргүзүлгөн операциялар же укукка каршы келген иш-аракеттер Кардар тарабынан жасалгандыгына же үчүнчү жактын кызыкчылыктарына жана мыйзамдуу мүлктүк жана жарандык укуктарына же коомдук же жеке коопсуздугуна коркунуч алып келген же үчүнчү жактын тобу менен же Кардардын өзү тарабынан алдын ала сүйлөшүү боюнча алдамчылык операцияларды жүргүзгөндүгүнө же төлөм карты боюнча мүнөздүү эмес иш-аракеттерге күмөн саноо учурунда, Банк керектүү маалыматты тактаган учурга чейин төлөм картын тосмолоого жана бир тараптуу тартипте Кардарга алдын ала билдирүүсүз, төлөм карттагы/карталык эсептеги акча каражаттарынын бардыгын кармап калууга укуктуу. Мында, Банк Кардардын төлөм картын жокко чыгарууга, ошондой эле, Кардардын мындай иш-аракеттеринен улам пайда болгон бардык чыгымдарды кайтарууну талап кылууга укуктуу.

8.1.24. Банк тарабынан негизги карт жокко чыгарылган учурда, ошондой эле Кардардын кошумча карты да жокко чыгарылат.

8.1.25. Банк 8.1.23-пунктта көрсөтүлгөн негиздер боюнча жазык жана жарандык териштирүүлөрдү демилгелөө үчүн, Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарына же башка юридикцияларга кайрылууга жана мындай кайрылуу жана процесстик иш-аракетти жүргүзүү менен байланышкан чыгымдарды төлөөнү талап кылууга укуктуу.

8.1.26. Банк талаш операциялар боюнча териштирүүнү демилгелөөдө Кардардан баш тартууга укукту, эгерде Кардар талаш операциялар жүргүзүлгөн күндөн тартып, 120 (жүз жыйырма) календардык күн аяктаганда Банкка кайрылса, ошондой эле, ушул Келишим жана/же төлөм тутумунун эрежелери менен каралган жана башка негиздер боюнча.

8.1.27. Кардар төмөндөгүлөргө укуктуу:

8.1.27.1. Банкка тиешелүү документтерди берүү менен, негизги төлөм карттын эсеби боюнча кошумча картаны тариздөөгө жана/же жокко чыгарууга;

8.1.27.2. Негизги же кошумча карт боюнча чектөөлөрдү жана лимиттерди белгилөөгө/өзгөртүүгө, ошондой эле «Оптима24» Интернет-банкинг аркылуу банкка берилген арыз боюнча SMS-билдирүүнү кошууга, Интернет-операцияларды жүргүзүү боюнча жетүү мүмкүнчүлүгүн алууга.

8.1.27.3. Карт боюнча операция жүргүзүлгөн күндөн тартып, 45 (кырк беш) күндүн ичинде санкцияланбаган (алдамчылык) операциясы боюнча Банкка доо жөнөтүүгө. Андай болбогон учурда, жүргүзүлгөн операция Кардар тарабынан тастыкталган (санкцияланган) болуп эсептелет жана кийинки доо Банк тарабынан кабыл алынбайт.

8.1.28. Кардар төмөндөгүлөргө милдеттүү:

8.1.28.1. Карт жоголгондо, уурдалганда жана/же санкциясыз колдонулган учурда, Кардар ушул Келишим жана Эреже менен каралган тартипте картты тосмолоо жөнүндө оозеки же жазуу жүзүндө дароо кайрылууга;

8.1.28.2. Ушул Келишимдин алкагында чыгарылган бардык карттардын сакталышын камсыздоого.

8.1.28.3. Картты колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин 30 (отуз) календардык күндүн ичинде, картты жаңы мөөнөткө узартуу максатында Банкка кайрылууга. Кардар кайрылбаган учурда, картты колдонуу мөөнөтү аяктаганда, автоматтык түрдө жокко чыгарылат жана калыбына келтирилбейт;

8.1.28.4. Дайыма, айына бир жолудан кем эмес карттык эсептин абалын контролдоого жана карыздын болушуна жол бербөөгө. Кардар бул максатта Оптима24төн көчүрмөнү өз алдынча түзө алат, же карттык эсеп боюнча көчүрмөнү алуу үчүн Банкка кайрылат.

8.1.29. Кардар төмөндөгүлөр үчүн толук жоопкерчилик тартат:

8.1.29.1. жоголгон/уурдалган картты же карттарды тосмолоо жөнүндө талап менен Банкка өз учурунда кайрылбаганда, алардын маалым даректери үчүнчү жакка белгилүү болгондо;

8.1.29.2. Кардардын картына жаңылыш чегерилген акча каражаттарын Банкка кайтарбаганда;

8.1.29.3. 3D Secure технологиясын колдобогон Интернет-ресурстар аркылуу карт менен төлөмдөрдү жүргүзгөндө;

8.1.29.4. Ушул келишим шарттарына ылайык, Кардардын карттык эсебине карата чыгарылган бардык карттарды колдонгондо.

8.1.29.5. Өз учурунда жаңылоо жана Банкка контакттык маалыматтарды берүү. Контакттык маалыматтардын жоктугунан, Кардар менен байланышуу мүмкүн болбогон учурда, Банк Кардар өз алдынча кайрылган учурга чейин, картты томолоого укуктуу.

8.1.29.6. Ыйгарым укугу жок адамдар тарабынан карт боюнча алдамчылык операцияларын жүргүзүүнүн, ошондой эле, алар Кардарды жаңылыштырууга алып келген жана/же материалдык, финансылык жана башка пайда алууга убада беришкен бул адамдардын бардык аракеттеринин жана аракетсиздиктеринин натыйжасында пайда болгон жана/же түз же кыйыр жана колдон чыгарылган пайдага алып келген ар кандай чыгымдарга. Мында, Банк картты кармоочудан ушул пункттун шарттарынын аракетинин натыйжасында финансылык жана башка чыгымдарды кайтарууну картты кармоочудан талап кылуу укугун сактайт.

8.1.30. Үчүнчү жак тарабынан картты колдонууга жол берилбейт. Кардар, бул шартты бузуу картты алууга алып келээрине, бир тараптуу тартипте ушул Келишимди бузууга жана ушул шартты бузуунун натыйжасында пайда болгон бардык чыгымдарды (зыяндарды) Кардар Банкка төлөөгө макул.

8.1.31. PIN-кодду, 3D Secure шартту белгисин терүү менен тастыкталган, карт боюнча операциялар Кардар тарабынан жүргүзүлгөн деп эсептелет жана карттык эсепке санкциясыз жетүү мүмкүнчүлүгү жана/же алдамчылык боюнча талашууга жатпайт.

8.1.32. Лимиттер алкагында PayWave контактсыз ыкма менен жүргүзүлгөн карт боюнча операциялар, ошондой эле Оптима24тө жүргүзүлгөн операциялар, Кардар тарабынан жүргүзүлгөн деп эсептелет жана карттык эсепке санкциясыз жетүү мүмкүнчүлүгү жана/же алдамчылык боюнча талашууга жатпайт.

8.1.33. Банк Кардардын картын/карттык эсебин (мөөнөтү боюнча чектелбеген) төмөндөгү учурларда тосмолооого укуктуу:

- камалоого алуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, карт боюнча операцияларды токтотуу же жана чектөөлөр;
- картты уурдатканга, жоготконго жана/же санкциясыз пайдаланууга байланыштуу, банктык картты тосмолоо боюнча Кардардан оозеки кайрылуу же жазуу жүзүндөгү арыз алынганда;
- Кардар тарабынан карттын маалым даректери компрометацияланганда (кокусунан/атайылап);
- Кардар тарабынан алдамчылыкка күмөн саналганда, же Кардар алдамчылык катышканда;
- Кардардын дарегине социалдык тармакты колдонуучулардын же топтун катышуучуларынын терс пикирлери болгондо.

8.1.34. Кредиттик карттык операциялар (credit жана/же credit adjustment ж.б.) түрүндө картка/карттык эсепке акча каражаттары келип түшкөн жана/же картты кармоочунун карттык эсебинин жеткиликтүү балансын көбөйтүүгө

(мындан ары – кредиттик кайтаруу карттык операциясы) алып келген, кайтаруу карттык операциялар (reversal) учурунда, Банк картты кармоочуда кредиттик/кайтаруу карттык операциялардын маалыматтарынын негиздүүлүгүн тастыктоочу документтер жок болгон учурда, бир тараптуу тартипте карттык эсепти жана/же картты 30 (отуз) календардык күнгө чейинки мөөнөттө тосмолоого укуктуу. Кредиттик/кайтаруу карттык операциялар түрүндө карттык эсепке мурда келип түшкөн сумманы банком-эквайер тарабынан чакыртып алуунун натыйжасында, карттык эсеп боюнча техникалык овердрафт пайда болгон учурда, картты кармоочу карттык эсеп боюнча пайда болгон карызды Келишим менен белгиленген мөөнөт ичинде төлөөгө милдеттүү.

8.1.35. Банк төмөндөгүлөргө жоопкерчилик тартпайт:

8.1.35.1. Картты тейлөөдө үчүнчү жактан баш тартууда;

8.1.35.2. Картты колдонуу менен, сатылып алынган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына;

8.1.35.3. Кардардын кызыкчылыгын козгошу мүмкүн болгон, үчүнчү жак тарабынан белгиленген карт боюнча лимиттерге, чектөөлөргө жана кошумча сый акыларга (кызыкчылыктарга);

8.1.35.4. жоголгон/уурдалган/компрометирленген картты тосмолоо жөнүндө өтүнүч менен Кардар Банкка өз учурунда кайрылбагандын натыйжаларына (жоголгон/уурдалган/компрометирленген карт боюнча жүргүзүлгөн операцияларды камтуу менен);

8.1.35.5. Талаш карттык операциялар боюнча акча каражаттарын кайтаруу боюнча товардык-сервистик ишкананын баш тартуусу үчүн, эгерде бул баш тартуу төлөм тутумунун эрежелерин сактоо менен жүргүзүлсө;

8.1.35.6. Карт боюнча жүргүзүлгөн операциялар боюнча маалыматтарды кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүүнү камсыз кылган электрондук тутумдун ишиндеги үзгүлтүккө учуроолор менен байланышкан жагдайларга;

8.1.35.7. Интернет (3D Secure технологиясын колдонбогон интернет-ресурсатар аркылуу жүргүзүлгөн операцияларды камтуу менен) жана МОТО аркылуу кайсы гана болбосун операцияларды жүргүзүүгө жетүү мүмкүнчүлүгүнүн мүмкүн болуучу терс таасирлерине, анын ичинен, чектелбестен, Интернет жана Мото аркылуу төлөм картасынын маалым директери боюнча үчүнчү жак тарабынан санкцияланбаган операцияларды жүргүзүү тобокелдиги.

8.1.35.8. Негизги картты кармоочу Кардар менен кошумча картты кармоочу Кардар ортосундагы пикир келишпестиктерди жана талаш-тартыштарды жөнгө салууга;

8.1.35.9. Ушул Келишимдин шарттарын Банк тарабынан аткарылышына тоскоолдук кылган Банктын контрагенттери – үчүнчү жактын аракетине жана/же аракетсиздигине, эгерде Банк тарабынан ушул Келишимдин шарттарын аткаруу үчүн бардык зарыл чаралар көрүлсө;

8.1.35.10. Ушул Келишим жана Эреже сакталбагындыктан улам пайда болгон натыйжаларга;

8.1.35.11. Контактсыз төлөмдөр операциялары үчүн лимиттер алкагында жүргүзүлгөн карт боюнча санкцияланбаган операцияларга, ошондой эле үчүнчү жак тарабынан 3D Secure шарттуу белгисин/ПИН-кодду киргизүү менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча;

8.1.35.12. Оптима24 аркылуу акча которуулар/төлөмдөр боюнча, Интернет, почталык/телефондук заказдар (МОТО) аркылуу товарларга/кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча алдамчылык иш-аракеттердин жасалгандыгынын натыйжасында пайда болгон чыгымдарга;

8.1.36. Социалдык төлөмдөрдүн/пенсионердин картын ачуу үчүн атайын шарттар:
- карт инсандыгын күбөлөндүргөн документтин негизинде ачылат;
- Социалдык төлөмдөрдү алуу укугун тастыктаган, колдонуудагы пенсиялык күбөлүк/маалымкат/жана башка документтер.

**8.2. Кредиттик лимитти берүү тартиби:**

8.2.1. Банк тарабынан Кредиттик лимитти берүү, мөөнөттүүлүк, төлөмдүүлүк жана кайтарымдуулук шарттарында жүргүзүлөт.

8.2.2. Белгилеген кредиттик лимиттин чегинде Кардарга Банк тарабынан кча каражаттарынын эсебинен жүргүзүлө турган эсептөөлөрдү, операцияларды жүргүзүү үчүн, Банк кредитти картты чыгарат.

8.2.3. Кредиттик картка кредиттик лимитти берүү тартиби, кредиттик карт боюнча Кредиттик лимитти берүү жөнүндө келишим шарттарына ылайык жүргүзүлөт.

## 9-глава. Банктык сейф уячаларынын ижарасы

**9.1. Сейфтик уячаны ижарага берүү тартиби:**

9.1.1. Банк Кардар/Кардарлар (биргелешкен ижара учурунда) (мындан ары – Кардар/Кардарлар) өзү кол койгон банктык кызмат көрсөтүү боюнча Арыздын негизинде, Банк ушул Шарттар менен каралган шарттарда, анда баалуулуктарды жана/же документтерди (мындан ары – бирге – “Баалуулуктар”) жайгаштыруу жана сактоо үчүн, банктык уячаны пайдаланууга (ижарага) Банктын бөлүмүнө берет.

9.1.2. Банктын сейфинде төмөндөгү буюмдарды сактоого тыюу салынат:
- тез от алуучу, уулуу, радиоактивдүү жана адамдын организмине жана курчап турган чөйрөгө терс таасирин тийгизүүгө жөндөмдүү жана башка заттарды, тамак-аштарды жана мителердин жайылышына алып келген же бузулуучу башка буюмдарды;
- ок атуучу куралдардын бардык түрлөрүн жана аларга ок-дарыларды, сайуучу куралдарды, жардыргыч заттарды (жардыруучу түзүлүштөрдү), анын ичинен, массалык кыруучу куралдарды жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон, илимий-техникалык технологияларды жана жабдууларды;
- баңги жана психотроптук заттарды, ошондой эле аларды колдонуу үчүн шаймандарды;
- күчтүү таасир берүүчү ууларды;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик чек ара аркылуу киргизүүгө/чыгарууга тыюу салынган же жарандык жүгүртүүдөн алынган, сактоого тыюу салынган жана башка буюмдар.

9.1.3. Сейф ижарага, Банктын Тарифтерине ылайык комиссияны төлөө менен, банктык кымат көрсөтүүлөрдү көрсөтүү боюнча Арыз-анкетада көрсөтүлгөн мөөнөткө берилет, мында, Кардарга/Кардарларга Сейфтик уячаларды пайдалануу эрежеси берилет.

9.1.4. Кардар/Кардлар өзү кол койгон, ижара мөөнөтүн узартуу жөнүндө Арыздын негизинде, сейфтик уячанын ижара мөөнөтү Банктын бөлүмүндө жана ижара мөөнөтүн узартуу жөнүндө Арызга кол коюлган күнү колдонуудагы Банктын Тарифтерине ылайык узартылышы мүмкүн.

9.1.5. Ижара мөөнөтү ичинде, Кардардын сейфтик уячаны алмаштыруу жөнүндө Арызынын негизинде сейфтик уяча алмаштырылышы мүмкүн.

9.1.6. Сейфти ижарага алуунун бүтүндөй мөөнөтүнө карата төлөө, Банктын тарифтери менен аныкталат жана сейфтик уячаны ижарага алуу боюнча

Арыз-анкетага кол коюлган күнү толук төлөнүшү керек, ал эми аны узарткан учурда - сейфтик уячаны ижарага алуу боюнча Арызга кол коюлган күнү.

**9.2. Сейфти ачуу жана жабуу, ачкычтарды сактоо тартиби**

9.2.1. Сейфти биргелешип ачуу учурунда, эки Кардардын милдеттүү түрдө болушу менен гана жол берилет.

9.2.2. Сейф эки механикалык ачкычтуу кулпудан турат. Кулпу бир эле учурда эки ар кандай ачкыч – Банктын ыйгарым укуктуу кызматкеринин ачкычы жана Кардардын/Кардарлардын ачкычы менен ачылат. Кардар/Кардарлар сейфти өз ачкычы менен бекитишет, банктык кулпу автоматтык түрдө жабылат, же эгерде кулпунун механизми эки ачкыч (Кардардын жана Банктын) бекитилсе, кулпу бир эле убакта Кардардын/Кардарлардын ачкычы жана Банктын ыйгарым укуктуу кызматкеринин ачкычы менен бекитилет.

9.2.3. Кардарга/ Кардарлардын бирине (сейфти биргелешип ижарага алган учурда), биргелешкен ижарачынын катышуусу менен, ижара күнүндө колдонуудагы Банктын Тарифтерине ылайык, Камсыздандыруу депозитин жана сейфтин ижрасынын бүтүндөй мөөнөтү үчүн төлөгөндөн кийин, Банк тарабынан бекитилген формадагы жеке сейфти колдонуу укугу боюнча Карточкага кол койдуруу менен, сейфтин ачкычы берилет.

9.2.4. Сейфтин ижара мөөнөтү мезгилинде ачкычты жоготкондо, Кардар ачкычты жоготкондугун билген учурдан тартып, бир жумушчу күнүнөн кечиктирбестен бул жөнүндө Банкка билдирет жана кулпуну алмаштыруу боюнча комиссияны Кардар төлөгөн күнү колдонуудагы Банктын Тарифтерине ылайык, кулпуну алмаштыруу боюнча чыгымдарды Банкка камсыздандыруу депозитинен төлөйт.

9.2.5. Сейфтик уячанын кулпусу бузулган же ачкычы жоголгон учурда, сейфтик уяча Кардардын/Кардарлардын катышуусу менен ачылат. Мында Кардар /Кардарлар сейфтин ичиндегилердин бүтүндүгүн жана сакталгандыгын жазуу жүзүндө тастыктоого милдеттүү.

9.2.6. Кардар/Кардарлар (сейфти биргелешип ижарага алган учурда), ушул Келишимдин 9.1.2-пунктунда көрсөтүлгөн, сактоого тыюу салынган буюмдарды сейфтик уячага жайгаштыргандыгы үчүн жоопкерчилик тартат/тартышат.

9.2.7. Кардар сейфтик уячанын ачкычын Банкка сактоого берүүгө укугу жок.

9.2.8. Кардар/Кардарлар төмөндөгүлөр милдеттенишет:

9.2.8.1. Сейфтин ижарасынын бүтүндөй мөөнөтү үчүн, Банктын Тарифтерине ылайык, Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнө өз учурунда төлөөгө, анын ичинен, ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтүн узартуу учурунда;

9.2.8.2. Ижара мөөнөтү аяктаганда, же ижара мөөнөтүн мөөнөтүнөн мурда токтотткондо, сейфтик уячаны бошотууга, аны бузулбаган абалда ачкычы менен, Банк тарабынан бекитилген формадагы жеке сейфтик уячаны колдонуу укугу боюнча Карточкага кол коюу менен, Банктын ыйгарым укуктуу кызматкерине берүүгө.

9.2.8.3. Ага Банк тарабынан берилген сейфтин ачкычынын сакталышын камсыздоого.

9.2.8.4. Сейфти туура эмес ачкандан/жапкандан улам, анын кулпусу бузулган учурда, Кардар кулпуну алмаштыруу боюнча комиссияны төлөгөн күнү колдонуудагы Банктын Тарифтерине ылайык, сейфти ачуу жана кулпуну алмаштыруу менен байланышкан бардык чыгымдарды көтөрүүгө.

9.2.8.5. Банктын Тарифтерине ылайык, сейфтин уячасынын ижарасы менен байланышкан айып пул санкцияларын, Банктын кызмат көрсөтүүлөрүн

төлөө эсебинен, Банкта ачылган сомдо жана/же чет элдик валютадагы Кардардын/Кардарлардын эсептеринен акча каражаттарын акцептсиз эсептен чыгарууга, Банкка чакырып алуусуз жана сөзсүз укук берет.

9.2.9. Кардар/Кардарлар төмөндөгүлөргө укуктуу:

9.2.9.1. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык таризделген, ишеним катты берүү жолу менен, ишенимдүү адамга сейфтик уячаны пайдалануу укугун берүүгө;

9.2.9.2. Кардардын/Кардарлардын Арызына ылайык, ижараны мөөнөтүнөн мурда токтотууга, мында, ижараны мөөнөтүнөн мурда токтотуу датасынан кийинки, биринчи толук календардык айдан баштап, ижара акысын төлөгөн Кардарга/Кардарларга мурда төлөнгөн төлөм кайтарылат.

9.2.10. Банк төмөндөгүлөргө милдеттүү:

9.2.10.1. Сейфтик уячаны пайдалануу боюнча Кардарды/Кардарларды талаптагыдай жана сапаттуу тейлөөгө.

9.2.10.2. Кардарга/Кардарларга сейфтик уячанын ичиндегилерди кароо учурунда купуялуулкту кепилдөөгө, ошондой эле, сактоо фактысынын өзүн, ушул Келишим жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен каралган учурлардан сырткары, сейфтик уячада сакталып турган баалуулуктар жана сейфтик операциялар, Кардар/Кардарлар жөнүндө маалыматтарды камтуу менен, ижарага сейфти берүүнүн жүрүшүндө алынган маалыматтардын купуялуулугуна сактоого.

9.2.11. Банк төмөндөгүлөргө укуктуу:

9.2.11.1. Арызда көрсөтүлгөн ижара мөөнөтү аяктаганда Кардар/Кардарлар (сейфти биргелешип ижарага алган учурда) келбеген учурда, сейфтик уячанын ижарасын узартуу же сейфти бошотуу үчүн Банкка келүү зарылдыгы, ошондой эле ижара мөөнөтү аяктаган учурдан тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде ал/алар Банкка келбеген учурда, Кардардын/Кардарлардын катышуусуз сейфти бир тараптуу ачуу жөнүндө эскертүү жөнүндө Кардардын/Кардарлардын Арыз-анкетасында Кардар/Кардарлар тарабынан көрсөтүлгөн дарек(тер) боюнча жазуу жүзүндө билдирүүнү Кардарга/Кардарларга жөнөтүүгө.

9.2.11.2. Сейфтик уячага Кардардын/Кардарлардын жетүү мүмкүнчүлүгүн токтотууга жана/же сейфтик уячанын ижарасы боюнча операцияларды жүргүзүүгө, же бир тараптуу тартипте сейфти ижарага берүүнү токтотууга:

- Кардарды/Кардарларды талаптагыдай текшерүүнү жүргүзүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана документтерди сураган мөөнөттө Банкка бербеген учурда;
- Эгерде, Кардарды/Кардарларды идентификациялоо жана операцияларды жүргүзүү боюнча талаптарды аткаруу үчүн зарыл болгон тиешелүү документтер берилбегенде;
- Эгерде, Кардарга/Кардарларга карата террористтик же экстремисттик ишке жана террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамына ылайык алынган кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого), массалык түрдө жок кылуу куралын жайылтууга катышкандыгы жөнүндө маалыматтар болсо;
- же, террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө

салуучу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамы менен каралган жана башка учурларда.
Мында, сейтфик уячаны ижарага берүүнү токтотуу, токтотконго чейин 30 (отуз) календардык күндүн ичинде Кардарга/Кардарларга (сейфтик уячаны биргелешип ижарага алган учурда) алдын ала билдирүү шарты менен жүзөгө ашырылат. Билдирүүдө сейфти бошотуу үчүн Банкка Кардардын келүү зарылдыгы, Банктын билдирүүсү жөнөтүлгөн учурдан тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде ал/алар Банкка келбеген учурда, Кардардын/Кардарлардын катышуусуз сейфтик уячаны бир тараптуу ачуу жөнүндө эскертүү көрсөтүлөт. Мында, ижараны токтотуу датасынан кийинки, биринчи толук календардык айдан баштап, ижара акысын төлөгөн Кардарга/Кардарларга мурда төлөнгөн төлөм кайтарылат.

9.2.11.3. Ижара мөөнөтү аяктагандан тартып, 30 (отуз) календардык күндөн кийин Кардар/Кардарлар келбеген учурда, ушул Шарттардын 9.3-пункту менен каралган тартипте сейфтик уячаны бир тараптуу ачууга.

9.2.11.4. Банк сейфтин бүтүндүүлүгүнө жана сакталышына жоопкерчилик тартат. Ижара мөөнөтү аяктагандан тартып, 30 (отуз)календардык күндүн ичинде (сейфтик уячаны ачканга чейин) Кардар/Кардарлар Банкка келгенде, Банк Кардардан/Кардарлардан Банктын колдонуудагы Тарифтерине ылайык, ар бир мөөнөтү өткөн календардык күн үчүн, сейфтик уячаны өз учурунда бошотпогондугу үчүн, Кардардан/Кардарлардан айып пул алат. Сейфтик уячанын ичиндегилер Кардарга айып пул төлөгөндөн кийин гана берилет.

**9.3. Сейфтик уячаны ачуу:**

9.3.1. Банк төмөндөгү учурларда сейфтик уячанын ижара келишимин бир тараптуу бузууга жана сейфти бир тараптуу ачууга укуктуу:

- Кардардын/Кардарлардын дайынсыз жок болгонун же Кардардын/Кардарлардын каза болгондугун таануу жөнүндө маалыматтар болгондо;
- Мурас укугу жөнүндө күбөлүктүн жана укугун белгиленген жана башка документтердин негизинде, башка адамга сейфтин ичиндегилер боюнча жеке менчик укугунун өтүшү;
- эгерде Кардар/Кардарлар сейфти ушул Келишимдин 9.1.2-пунктунда көрсөтүлгөн тыюу салынган буюмдарды сактоо үчүн пайдаланса;
- ушул Келишим менен каралган милдеттенмелерди Кардар/Кардарлар аткарбаганда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган жана башка учурларда.

9.3.2. Сейфтик уячаны ачуу, ачуу актысын түзүү менен, Банктын кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт. Банк ачуу процессин видеого жана фотоаппаратка тартуу менен белгилөөгө укуктуу. Сейфтик уячаныны ичиндегилерге мөөр басылат, таңгалакталат жана Кардар/Кардарлар, ишенимдүү адамы же мураскери (укук мураскери) Банкка кайрылганга чейин, мөөр басылган түрдө Банктын атайын бөлүнгөн сактоочу сейфине сактоого берилет, бирок 5 (беш) жылдан көп эмес.

9.3.3. Эгерде, сейфти ачуу үчүн негиз болуп, Кардардын/Кардарлардын ижара мөөнөтү аяктагандан тартып, 30 (отуз)календардык күндүн ичинде келбесе, же Банктын демилгеси менен ижара келишимин мөөнөтүнөн мурда бузуу күнүнө чейин Кардар/Кардарлар келбегенде, Банкка Кардар/Кардарлар кайрылганда, сейфтик уячанын ичиндегилер Кардарга/Кардарларга, ушул

Келишимдин 9.2.8.2-пунктунда каралган милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн, Банктын Тарифтерине ылайык айып пул төлөнгөндөн кийин берилет. Кардардын/Кардарлардын Банктагы эсебинде акча каражаттары болгондо, ушул Шарттардын 9.2.8.5-пунктуна ылайык, Кардардын/Кардарлардын эсебинен Банк тарабынан айып пул суммасы эсептен чыгарылат.

9.3.4. Кардар/Кардарлар, ишенимдүү адам же мураскер (укук мураскери) көрсөтүлгөн мөөнөттө келбеген учурда, Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жогоруда көрсөтүлгөн мүлккө жеке менчик укугуна Банктын ээ болушу боюнча жол-жобону демилгелөөгө укуктуу.

9.3.5. Банк ушул Келишимдин 9.3.1-пунктунда каралган, сейфтик уячаны ачуу себептери, ошондой эле сейфти ачуу күнү жөнүндө Кардарга/Кардарларга жазуу жүзүндө билдирет. Билдирүүдө көрсөтүлгөн дарек боюнча Кардардын /Кадрларлардын жоктугу, ошондой эле Кардардын/Кардарлардын Банкка келбегендиги, ушул Келишимдин 9.3.2-пункту менен каралган иш-аракеттерди жүргүзүү датасын которуу үчүн негиз болуп эсептелбейт.

9.3.6. Тинтүү жүргүзүүдө же сейфтик уячада турган баалуулуктарды алууда сейфтик уячаны ачуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган тартипте жүргүзүлөт.

**9.4. Сейфтик уячага жетүү мүмкүнчүлүгү:**

9.4.1. Кардардын/Кардарлардын жайга жана сейфтик уячадан баалуулуктарды алуу үчүн жетүү мүмкүнчүлүгү, Банктын перациялык күнүнүн ичинде жүргүзүлөт.

9.4.2. Сейф сакталган жайга кирүү алдында Кардар/Кардарлар инсандыгын күбөлөндүргөн документти көрсөтүшү, ошондой эле Банк тарабынан бекитилген формадагы, жеке сейфти колдонуу укугу боюнча Карточкага келгендиги жөнүндө белгилеши керек.

**9.5. Жеке сейфти (сейф уячасын) ижарага алууда камсыздандыруу депозити:**

9.5.1. Ушул Келишим боюнча Кардар/Кардарлар талаптагыдай аткарышын камсыздоо максатында, Кардар/Кардардын бири Банктын Тарифтерине ылайык, Банкка камсыздандыруу депозитин төлөйт.

9.5.2. Камсыздандыруу депозитин эсепке алуу үчүн, Банк өзүнчө эсеп ачат, аны Кардар ижара келишими боюнча милдеттенмелери токтотулганга чейин тескөөгө укугу жок.

9.5.3. Кардар/Кардарлар тарабынан ачкыч кайтарылбаганда (ачкыч жоголгондо) же Кардар/Кардарлар сейфтик уячанын ачкычын берүү үчүн Банкка келбегенде, кулпуну алмаштыруу жана сейфти ачуу боюнча Банктын чыгымдарын төлөө эсебине, камсыздандыруу депозити Кардардын макулдугусуз эсептен чыгарылат жана Кардарга кайтарылууга жатпайт.

9.5.4. Ушул Шарттардын 9.5.3-пунктунда көрсөтүлгөн шарттар башталбаган учурда, Банк Кардарга камсыздандыруу депозитинин суммасын, сейфтин ижара келишимин колдонуу аяктаганда кайтарат.

## 10-глава. Тарифтер, Тариф пакети

10.1. Кардардын тапшырмасы боюнча ушул Келишимдин алкагында кызмат көрсөтүүдө, Банктын колдонуудагы Тарифтерине ылайык, Банк комиссияны кармайт.

10.2. Комиссиянын түрү жана өлчөмү жөнүндө маалымат, https://www.optimabank.kg/ru/for-individuals/private-clients-rates.html дареги боюнча Банктын корпоративдүү интернет сайтында жайгаштырылган.

10.3. Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнө комиссиянын түрлөрүн жана өлчөмүн, Банк бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө укуктуу, анын ичинен, мындай маалыматты жайгаштыруу үчүн, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен белгиленген мөөнөттөн кечиктирбестен, https://www.optimabank.kg/ru/press-centre/all-news.html дареги боюнча Банктын корпоративдүү интернет сайтынын "Жаңылыктар" бөлүмүндө жана маалымат тактасына маалыматты жайгаштыруу аркылуу Кардарга билдирүү менен, Тариф пакетинин түрү жана курамы.

10.4. Тариф пакетинин алкагында, Кардар Банк продуктуларын колдонууга жана Тариф пакетине кирген кызмат көрсөтүүлөрдү алууга укуктуу. Тариф пакетинин алкагында продуктылар жана кызмат көрсөтүүлөр, Кардар Тариф пакетин тандагандан кийин, Банк тарабынан көрсөтүлүшү мүмкүн. Тариф пакетине кирген кызмат көрсөтүүлөрдөн Кардар баш тарткан учурда, комплекс менен гана Банк тарабынан Тариф пакети берилет, Банк Кардарга Тариф пакетин берүүдөн баш тартууга укуктуу. Кардар Тариф пакетине кирген айрым кызмат көрсөтүүнү жана/же продуктыны колдонбосо болот, ага Тариф пакетинин алкагында кол коюлган/кошулган, мында Банк, тариф пакетин мындай колдонуу үчүн, кандайдыр-бир төлөмдү Кардарга кайтарууга милдеттүү эмес.

10.5. Тариф пакетинин курамына кирген продуктылардын шарттары жана тейлөө, Келишимге ылайык жүргүзүлөт.

10.6. Тариф пакети боюнча Кардарды тейлөө боюнча төлөм, Банктын Тарифтерине ылайык жүргүзүлөт. Тиешелеүү Тариф пакетине боюнча тейлөө, Тариф пакетине кирбеген Банктын продуктыларын берүү/кызматтарды көрсөтүү Кардар тарабынан тандалган учурда, Банктын Тарифтерине ылайык төлөмдү алуу менен, Келишим менен каралган тартипте жана шарттарда Банк тарабынан жүргүзүлөт. Тариф пакети үчүн каралган, Банктын Тарифтери боюнча Банк тарабынан продуктыларды берүүгө/ кызмат көрсөтүүгө жол берилбейт, эгерде Банктын мындай кызмат көрсөтүүлөрү/продуктылары Тариф пакетинен сырткары берилсе.

## 11-глава. Талаш-тартыштарды жөнгө салуу

11.1. Кардар/Салуучу/Ишенимдүү адам Банктан алынган бардык маалыматты, анын ичинен, Билдирүүлөрдү жана Көчүрмөлөрдү текшерүүгө милдеттүү. Мындан сырткары, Кардардын/Ишенимдүү адамдын/ата-энесинин же башка мыйзамдуу өкүлдүн тапшырмаларын Банк тарабынан аткарылышын Кардар/Ишенимдүү адам/ата-энесине башка мыйзамдуу өкүл текшерүүгө милдеттүү.

11.2. Эгерде Кардар/Салуучу/Ишенимдүү адам кандайдыр бир так эмес, туура эмес жана/же толук эмес аткарууну, санкциялык эмес операциялардын болушун аныктаса, ал бул жөнүндө кандай гана болбосун ыкма (почта, телефон, электрондук почта, факс) менен Банкка дароо билдириши керек.

11.3. Банк, Эсеп боюнча операцияны жүргүзүүдө жана/же Кардар/Салуучу/Ишенимдүү адам берген маалыматта ката кетиргенин аныктаган учурда, Банк негизсиз кечиктирүүсүз, кетирилген катаны оңдоого милдеттүү. Банк бул жөнүндө кийин Кардарга кандай гана болбосун

жеткиликтүү ыкма (почта, телефон, электрондук почта, факс) аркылуу билдирүү менен, Кардардын/Салуучунун/Ишенимдүү адамдын кошумча макулдугусуз эле, ушул Келишимдин негизинде кредиттөө же Эсепти дебеттөө жолу менен, эсептерди оңдоого укуктуу.

11.4. Банктын жоопкерчилиги, Банктын жаңылыш аракети/аракетсиздиги менен, Кардарга/Салуучуга/Ишенимдүү адамга келтирилген реалдуу чыгымдын өлчөмү менен чектелет.

11.5. Кардар жүргүзүлгөн операцияларды тастыктаган документтердин көчүрмөлөрүн Банк тарабынан берилишин талап кылууга укуктуу, анын ичинен, «Optima24» Интернет-банкинг арыклуу демилгеленген.

11.6. Кардардын/Салуучунун/Ишенимдүү адамдын доолору негиздүү эмес деп таанылган учурда, Банк жүргүзүлгөн операцияларга түзөтүү, ошондой эле пайда болгон жагдайды жөнгө алуу үчүн, керектүү иш-аракеттерди жүргүзөт,

11.7. Кардардын/Салуучунун/Ишенимдүү адамдын доолору негиздүү эмес деп таанылган учурда, Кардар/Салуучу/Ишенимдүү адам коюлган доолорду кароо менен байланышкан бардык чыгымдарды Банкка төлөйт, кээ бир учурларда талаш операция суммасын ашырышы мүмкүн болгон, тиешелүү төлөм тутумунун айып пулдары, доону карагандыгы үчүн Банктын комиссиясын камтуу менен, бирок чектелбестен. Банк ушул Келишимдин негизинде жана Кардардын кандайдыр бир кошумча макулдугусуз, келтирилген чыгымдардын суммасын эсептен алууга укуктуу.

11.8. Кагаз жүзүндөгү төлөм документтердеги Кардардын, Кардардын ишенимдүү адамынын кол тамгасынын аныктыгы жөнүндө маселени чечүүдө, Банк менен Кардар төмөндөгү эрежени жетекчиликке алышаарына: төлөм документиндеги кол тамга, Банкта турган Кардардын/Ишенимдүү адамдын кол тамгасынын үлгүсү менен Карточкадагы Кардардын/Ишенимдүү адамдын кол тамгаларына туура келиши керектиги.

11.9. Банктагы Кардардын Эсеби менен байланышкан кандайдыр бир талаш жагдай Кардар/Салуучу тарабынан аныкталган учурда, Кардар бул жөнүндө Банктын бөлүмүнө жазуу жүзүндө арыз берүү менен, Банкка дароо билдириши керек.

11.10. Талаш жагдайдын негиздүүлүгү Банк тарабынан таанылган учурда, Банк пайда болгон талаш жагдайларды жөнгө салуу боюнча мүмкүн болгон бардык чараларды көрөт жана анын арызын кароо жыйынтыгы жөнүндө Кардарга/Салуучуга/Ишенимдүү адамга жазуу жүзүндө билдирет. Банк талаштын манисине жараша, аны кароо мөөнөтүн өз алдынча аныктайт.

11.11. Келишим шарттарын бузгандыгы үчүн, Тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

11.12. Ушул Келишим боюнча пикир келишпестиктер, сүйлөшүү жолу менен чечилет, ал эми макулдашууга жетишпегенде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен белгиленген тартипте каралууга тийиш

11.13. Тараптар оператцялар жөнүндө маалыматтарды, телефон сүйлөшүүлөрдүн жазууларын жана талаштарды чечүүдө далил катары электрондук маалымат алып жүрүүчүдөгү жана башка маалыматтарды таанууга макул.

11.14. Тараптар ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелеринин форс-мажордук жагдайлардан: табигый кырсыктардан (өрттүн чыгышы, суу ташкыны, жер титирөө же башка табигый же техногендик апааттар), согуштун чыгышы, кандай болбосун согуштук аракеттердин жүрүшү, эпидемиянын тарашы, чукул абалдын киргизилиши, массалык толкундоолор, ошондой эле Тараптардын контролдугуна жатпаган башка жагдайлардан улам аткарылбай калгандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы, ошондой эле

Тараптардын контролунан сырткары турган жагдайлар үчүн жоопкерчилик тартышпайт.

11.15. Форс-мажордук жагдайлардын башталышы, форс-мажордук таасирдин мөөнөтүнө бирдей мезгил аралыгына карата форс-мажордук жагдайлардын таасири алдында турган Тараптын ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруу мөөнөтүн узартат.

11.16. Форс-мажордук жагдайлардын таасиринде турган Тарап, форс-мажордук жагдайлар башталган учурдан тартып, 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде башка Тарапка форс-мажордук жагдайлардын башталгандыгы жөнүндө билдириши керек.

11.17. Форс-мажордук жагдайлардын таасиринде турган Тарап, форс-мажордук жагдайлар токтогон учурдан тартып, 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде башка Тарапка форс-мажордук жагдайлардын токтогондугу жөнүндө билдириши керек.

11.18. Форс-мажордук жагдайлардын таасиринде турган Тарап, ушул Келишимдин 11.15 жана 11.16-пункттардын талаптарын бузган учурда, ушул Келишим боюнча жоопкерчиликтен бошотуунун негизи катары, форс-мажордук жагдайларга шилтемелөө укугун жоготот.

11.19. Ушул Келишим боюнча өзүнүн милдеттенмелерин Тарап талаптагыдай аткарбаган же аткарбаган учурда, форс-мажордук жагдайлар башталышы, ушул Келишим боюнча жоопкерчиликтен бошотуунун негизи катары, форс-мажордук жагдайларга мындай Тараптын шилтемелөө укугунан ажыратат.

11.20. Форс-мажордук жагдайлардын башталышы, таасири жана токтошу, Кыргыз Республикасынын тиешелүү ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген документ менен тастыкталышы керек.

## 12-глава. Малыматтарды өзгөртүү жана купуялуулук

12.1. Банк үчүн мааниге же чоң мааниге ээ, кайсы гана болбосун өзгөртүүлөр боюнча (бирок чектелбестен, фамилиясын, атын, атасынын атын, паспорттук маалыматтар, жашаган жеринин дарегин камтуу менен ж.б.), мындай өзгөртүүлөрдөн кийин Кардар үч банктык күндүн ичинде, мындай өзгөртүүлөрдү тастыктаган документтердин түп нускасын же күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн берүү менен, Банкка бул жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү. Кайсы гана болбосун өзгөртүүлөр, тастыкталган тиешелүү документтер жана Кардардан билдирүү Банк тарабынан кабыл алынгандан кийин гана Банк үчүн жарактуу болуп калат. Кардар тарабынан бул шарт аткарылбаган жана өзгөртүлгөн маалыматтар Банкка билдирилбеген учурда, Ушул Келишимдин 13.4-пунктуна ылайык Банк тарабынан билдирүү, талаптагыдай жеткирилди деп эсептелет жана алгандыгы жөнүндө тастыктоонун жоктугу менен.

12.2. Келишим менен байланыштуу, Тараптар бири бирине берген бардык маалыматтар, ошондой эле, ушул Келишимди түзүү жана аткаруу, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн жүрүшүндө Тараптар алган финансылык, коммерциялык жана башка маалыматтар купуя маалымат болуп эсептелет (мындан ары – Купуя маалымат).

12.3. Купуя маалыматты үчүнчү жакка берүү, жарыялоо же жайылтуу, экинчи Тараптын алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана мүмкүн, эгерде мындай ачыктоо Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык милдеттүү болсо.

12.4. Тараптардын бири Купуя маалыматты экинчи Тарапка таратуу же жайылтуу учурунда, күнөөлүү Тарап мындай маалыматты жайылтуунун натыйжасында, экинчи Тарапка келтирген чыгымдарды төлөөгө милдеттүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен каралган жоопкерчиликти тартат.

## 13-глава. Жана башка шарттар

13.1. Анкетада же Келишим алкагында тариздеЛген жана башка документтерде Кардар тарабынан көрсөтүлгөн үй дареги, электрондук почта дареги же уюлдук байланыш телефон номери боюнча, маалыматтык мүнөздөгү билдирүүнү жана ушул Келишимдин 13.4-пунктуна ылайык жана башка билдирүүлөрдү жөнөтүүгө Банктын укуктуулугуна Кардар макул. Мында, эгерде почта байланышы аркылуу жеткирүү датасында, Кардар тарабынан Анкетада жана ушул Келишимдин алкагында тариздеЛген жана башка документтерде көрсөтүлгөн адресат жок болсо, буга байланыштуу, Тарап билдирүүнү алгандыгы жөнүндө тастыктоону алуу мүмкүн эмес, жөнөтүп жаткан Тарапка жаңы дареги билдирилген эмес (белгисиз), билдирүү талаптагыдай жеткирилди деп эсептелет жана алгандыгы жөнүндө тастыктоонун жоктугу менен.

13.2. Кардардын жеке маалыматтары, эсеп же карты, жүргүзүлгөн операциялар, белгиленген лимиттер жана картты чектөө же тосмолоо ж.б.у.с. боюнча камтуу менен, бирок чектелбестен маалыматтарды суроо үчүн, Кардар оозеки кайрылганда, Банктын Контакт-борбору/Авторлоштуруу борбору ортосундагы телефондук сүйлөшүүлөрдүн жазылышына Кардар макул. Банктын Контакт-борбору/Авторлоштуруу борбору ортосундагы телефондук сүйлөшүүлөрдүн жазылышы, Кардардын Банктын Контакт-борборуна/Авторлоштуруу борборуна оозеки кайрылуусун тастыктаган факт болуп эсептелет.

13.3. Банктын продуктыларына, Кызмат көрсөтүүлөрүнө колдонуудагы Тарифтер, ошондой эле Банк тарабынан жүргүзүлгөн операциялар, жүргүзүлгөн операциялардын шарттары, анын ичинен, ушул Келишим менен козголбогон шарттар жөнүндө кошумча маалыматты алуу үчүн, жумуш күндөрү Кардар түздөн түз Банктын бөлүмүнө, Банктын Контакт-борборуна кайрылууга, же жумуш эмес жана дем алыш (майрам) күндөрү www.optimabank.kg дреги боюнча жайгашкан интернет сайтта жайгаштырылган маалымат менен таанышууга укуктуу.

13.4. Кардардын Банк алдындагы Карызды төлөө боюнча Кардардын милдеттенмелерин аткаруу мөөнөтү башталгандыгы жөнүндө электрондук почта боюнча билдирүү почталык кат, Кардардын мобилдик телефонуна SMS билдирүү же PUSH билдирүү аркылуу Кардарга билдирүүгө Банктын укуктуулугуна Кардар макул, ошондой эле «Оптима24» Интернет- банкингде жүргүзүлгөн операцияны тастыктоо үчүн бир жолку шарттуу белгини, 3D Secure шарттуу белгисин жана карт же анын маалым даректери боюнча жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө билдирүү алууга макулдугун берет.

13.5. Кардардын төлөө жөндөмсүздүгү жана Банк алдындагы милдеттенмелери боюнча жооп бере албаган учурда, Банк Кардардын эсеби боюнча карызды өндүрүү жөнүндө сот органдарына доо берүүгө укуктуу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, компетенттүү органдарга каржы бузуулары жөнүндө маалыматты берүүгө укуктуу.

13.6. Банк Кардар берген жеке маалыматтардын тууралыгын текшерүүгө укуктуу.
13.7. Ушул Келишимдин тили боюнча Тараптар, мамлекеттик же расмий тилди тандашты. Тараптар ушул Келишимдин тили аларга толук түшүнүктүү, Келишим катары бүтүндөй мааниси, ошондой эле анын айрым бөлүктөрү толугу менен даана экендигин билдиришет. Келишимдин жоболорун чечмелөөдө карама-каршылыктар чыга турган болсо, тараптар орус тилиндеги текстке таянуусу зарыл.
13.8. Тараптар ушул Келишимде жана ага карата тиркемелерде эскертилбеген баардык башкалар боюнча, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алышат

## 14-глава. Келишимди колдонуу мөөнөтү жана бузуу

14.1. Келишим чектелбеген мөөнөткө колдонулат.
14.2. Тараптар бир тараптуу тартипте ушул Келишимди бузууга укуктуу, ал үчүн ушул Келишим менен белгиленген мөөнөттү эчке алуу менен, бул жөнүндө экинчи Тарапка жазуу жүзүндө билдирүү менен.
14.3. Банк ушул Келишим боюнча Кардар өз милдеттерин аткарбаган, Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган, ошондой эле Банктын пикири боюнча Банк үчүн терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон шарттар башталган учурда, ушул Келишим менен каралган тартипте бул жөнүндө Кардарга билдирүү менен, ушул Келишимди аткаруудан баш тартууга укуктуу.
14.4. Кардар жазуу жүзүндө арызды берген шартта жана ушул Келишим менен жөнгө салынган, Кардардын сейфинин ижарасынын аякташы акыркы Эсепти/мөөнөттүү аманатты (депозитти) жабуу учурунда, ошондой эле ушул Келишим менен каралган Банктын кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануу аяктаганда, Келишимди колдонуу токтотулаарын Тараптар таанышат. Кардардын акыркы эсебин жабуу учурунда Кардарда ушул Келишим боюнча Банк алдында төлөнбөгөн Карызы, анын ичинен, Банктын комиссиясын төлөө боюнча Карызы болгондо, Келишимди колдонуу мындай Карыздар толук төлөнгөндөн кийин токтотулат.
14.5. Карттын эсебин жабуу жөнүндө арыз Банк тарабынан алынган учурда, жабыла турган Эсеп боюнча чыгарылган бардык карттар (анын ичинен, кошумчалар) тосмолонот, жараксыз деп жарыяланат жана Кардар тарабынан Банкка кайтарылууга жатат.
14.6. Келишим төлөм тутумдары (карточкалык продуктылар боюнча) менен өз ара эсептешүүлөр жана Банк менен Кардар ортосунда өз ара эсептешүүлөр толук аяктагандан кийин бузулду жана өзүнүн колдонуусун токтотту деп эсептелет.
14.5. Банк Кардарга Банктагы анын эсептериндеги/мөөөнттүү аманатындагы (депозитиндеги) акча каражаттарынын калдыктарын, накталай акча каражаттары менен кайтарат, же Кардардын тапшырмасынын негизинде, каражаттар башка эсепке/манатка (депозитке) чегерилет.
14.6. Тараптар Келишим бузулган учурда, Эсептин айрым түрлөрүн ачуу жана тейлөө, Банктык кызмат көрсөтүүлөр жана продуктыларды берүүнү жөнгө салуучу, Банк менен Кардар ортосунда түзүлгөн айрым келишимдер, макулдашуулар өз алдынча келишим катары колдонула берерин Тараптар таанышат.
14.7. Банк талап боюнча төлөнүүчү аманатты пландалган жабууга чейин 1 (бир) календардык айдын ичинде Кардарга алдын ала билдирүү шарты менен, 12 айдан ашык талап боюнча төлөнүүчү аманат боюнча акча каражаттары

(Кардардын тапшырмасы же буйругу боюнча акча каражаттарынын келип түшүүсү жана эсептен чыгаруу) жок жана/же жүгүртүүлөр жок учурунда, талап боюнча төлөнүүчү аманатты бир тараптуу тартипте жабууга укуктуу.